КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМДЕР УЛУТТУК АКАДЕМИЯСЫ
ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ

Д. 09.01.158
ДИССЕРТАЦИЯЛЫК СОВЕТИ

УДК 10(09): 100.65:113(575.2) (043.3)
Кол жазма укугунда

БЕКБОЕВ АСКАРБЕК АБДЫКАДЫРОВИЧ

# ФИЛОГЕНЕЗДИК ЭПИСТЕМОЛОГИЯНЫН СТРУКТУРАСЫНДАГЫ ЗАРЫЛДЫК ЖАНА КОКУСТУК

Адистиктер: 09.00.01 — Онтология жана тааным теориясы;
09.00.03 — Философия тарыхы

Философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга талаптанып жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

БИШКЕК 2002

Иш Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Философия жана укук Институтунда даярдалды.

Илимий кеңешчилери: Тажик Республикасынын Илимдер Академиясынын академиги, философия илимдеринин доктору, профессор **М.Д.ДИНОРШОЕВ;**
Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын академиги. Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер **А.А.САЛИЕВ.**

Борбордук илимий КИТЕПКАНА Б БЛИОТЕКА Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясы

Расмий оппоненттер: Философия илимдеринин доктору, профессор **Ш.М.НИЯЗАЛИЕВ;**
Философия илимдеринин доктору, профессор **Ш.Б.АКМОЛДОЕВА;**
Философия илимдеринин доктору **С.М.МУКАСОВ.**

Жетектөөчү мекеме: Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети.

Диссертацияны коргоо Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Философия жана укук Институтунун алдындагы докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.09.01.158 Диссертациялык Советинин 2002 – жылдын «03» 05 саат 13⁰⁰ башталып өтө турган жыйынында жүргүзүлөт. Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2002 – жылдын «04» 04 таркатылды.

Диссертациялык Советтин окумуштуу катчысы, филос. илим. кандидаты, доцент *Н.А.ОМУРАЛИЕВ*

## КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Өз ара өтмө-катар байланыштагы табият менен коомдун алакасы барган сайын татаалданып, аалам-универсумдун объективдүү логикасына негизделген таанып процесси жөнөкөйдөн татаалга, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө карай багыт алып, улам жаңы чиеленген проблемалар менен коштолууда. Субъективдүү аң-сезим объективдүү болмушту «концептуалдык тору» менен толук камтыган таанып горизонту чексиздик менен чектелип, өнүккөн ой жүгүртүү формаларын кайрадан, улам-улам табигый мезгил-ченемдер менен жалгаштырууну турмуш логикасы талап кылат. Онтологиялык чен-алкактын (коомдун системалык) өзгөрүшүн шарттаган объективдүү кырдаал-таанып каражаттарынын (субъективдүү формалардын) концептуалдуу - семантикалык диапазонун кеңейтип, түшүнүктөрдүн (түшүнүмдөрдүн) белгилүү өлчөмдөгү алардын мурдагы алкагына сыйбаган логикасын мазмун-формалык жактан тереңдетет. Учурдагы гносеологиялык муктаждык – категориологиянын филогенездик эпистемологиянын тарыхый-логикалык структурасына ылайык, кылдат иликтөө ушуну менен түшүндүрүлөт.

Айрыкча өткөөл мезгилде имманенттүү табиятына жараша өзгөчө активдүү мүнөзгө ээ болгон категориялардын философиялык ретроспективасына теориялык экскурс жасоо аркылуу алардын концептуалдык алкагын кеңейтүү, тактап айтканда, акыл-эстин жаралып-өнүгүшү менен коштолгон таанып процессинин гносеологиялык структурасындагы зарылдык менен кокустуктун генезисин, уруттуу өнүгүш учурларын диалектикалык логиканын жоболоруна ылайык ырааттуу изилдөө – мезгил талабы.

Концептуалдык иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, тарыхый-философиялык мазмуну анын карама-каршы пикирлердин «кагылышы» менен чечилип келген ички өзгөчөлүк менен шартталган. Ошондуктан философия тарыхынын эвристикалык чыныгы маанисин, анын баскычтан баскычка көтөрүлгөн жандуу табиятын, бүтүндөй оошкыйыш драматизмин аңдабай туруп, теориялык ой жүгүртүүнү, таанып процессин ылдамдап-илгерилеген практиканын талабына ылайык өнүктүрүү, концептуалдык мазмуну терең, масштабдуу түшүнүктөрдү объективдүү логиканын алкагында абстрактуулуктан конкреттүүлүккө карай ийкемдүү колдоно билүү мүмкүн эмес.

Ал эми философия тарыхы өзүнүн диалектикалык табиятын ылайык, мейкиндик менен мезгилдин чектелген алкагы койгон кедерги чен-өлчөмдү, таанып процессинин «тар жол, тайгак кечүүсүн» ички имманенттүү мыйзамченемдүүлүктөрүнүн негизинде категориялык аппаратын өркүндөтүү аркылуу, акырындык менен кетенчиктен-илгерилеп, адашып-адашпай өнүгүп келет. Демек, теориялык ой жүгүртүүнүн сыналган мектеби – философия тарыхын өздөштүрүү жана ушундай жол менен диалектикалык логиканы учурдун олуттуу талабына

ылайык өнүктүрүү, жандуу ой жүгүртүүнүн ийкемдүү «категориялык сеткасын» адекваттуу аңдоо, иликтөө менен коштолоору - табигый иш. Объективдүү диалектика, гносеология жана логиканын төп келишин кылдат туюндурган философиялык түшүнүк- категориялардын диалектикалык мүнөздөгү субъект-объектилик маңыз-мазмунун адекваттуу «аң-сезимдин фактысына» айландыруу, өздөштүрүү, колдоно билүү орчундуу практикалык мааниге ээ; болмуштун улам чиеленишкен сырларын үңүлүп-үйрөнүү жандуу, ийкемдүү логико-гносеологиялык каражаттар - категориялерсыз жүзөгө ашпайт.

Диалектиканын логикалык формаларын «категориялык сеткасын» же түшүнүктөр системасын өздөштүрүп-өркүндөтүү алардын өтмө-катар байланыш-маанилерин, конкреттүү тарыхый көрүнүштөрүн, жөнөкөйдөн татаалга карай сандан-сапатка өтүп калыптанышын таанып теориясынын методологиялык принциптерине таянып изилдөө абзел. Бул белгиленген эпистемологиялык ыңгай же таанып контексти мазмун-формасын, логикалык маанисин, салыштырмалуу өз алдынчалуулугун, концептуалдык бүтүндүгүн, айырмасы менен биримдигин, жалкылыгы менен жалпылыгын (тождество) дал келишин тарыхый-философиялык реконструкциялоо аркылуу анализдөөнү талап кылган зарылдык жана кокустук категорияларына да түздөн-түз тиешелүү. Философия тарыхында аталган категориялардын диаметриалдуу, карама-каршы дүйнөкараш позициясынан интерпретацияланышы алардын тактоого муктаж татаал табияты менен байланыштуу; айрыкча зарылдык менен кокустуктун диалектикасы, логико-гносеологиялык статусу талаш маселелерден, бири-бирин коштоп, толуктаган бул категорияларды чаташтыруулар азыр да байма-бай кездешет. Ушундан улам эпистемологиянын тарыхый-философиялык структурасындагы зарылдык менен кокустуктун филогенездик конкреттүү-тарыхый формаларын, диалектикалык мүнөзүн, илимий-методологиялык маанисин изилдөө – актуалдуу проблемалардан.

Диссертациялык иште иликтөөгө алынган илимий объект тарыхый-философиялык эпистемологиянын структуралык элемент-компоненттеринин маңыздуу проблематикасы катары каралды. Анын жалпы илимий-методологиялык, метафилософиялык маселелер менен байланышы; мифо-эпикалык, антикалык, чыгышперипатетикалык, диалектико-логикалык, синергетикалык формалары жана логико-гносеологиялык маңызы абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү методунун негизинде анализдөө-синтездөө аркылуу изилденди.

Жогоруда учкай белгиленген ойлордун өзөктүү учугу айгинелеп тургандай, бул изилдөө чексиз чындыкка чекит коюудан алыс болуп, айрым алынган категориялар аркылуу диалектиканын уруттуу учурларын конкреттештирүүнү көздөдү. Филогенездик эпистемологиянын тезис, антитезис жана синтездин натыйжасы катары интерпретацияланышы субъект-объектилик мамилелердин диалектикасын



таанып логикасы иретинде туюндурулушун шарттап, зарылдык менен кокустуктун тарыхый-философиялык концепцияларынын ишмердүүлүктүн логика-гносеологиялык объектиси жана принциби контекстинде мерчемдүү такталышы – учур койгон (онтологиялык, гносеологиялык жана логикалык) талаптардын чечилишине багыт алды.

**Проблеманын изилдениш даражасы.** Зарылдык жана кокустук категорияларын атайын иликтеген же кандайдыр максат менен тигил же бул илимий контекстке жараша талдоого алган изилдөөлөрдү алардын концептуалдык мазмунуна ылайык тарыхый-философиялык, диалектика-логикалык жана табигый илимий багыттардын алкагында шарттуу түрдө үчкө бөлүп топтоштурсак болот. Ар бир багыттын өзгөчөлүгүнө, максатына карай аталган категориялардын абстрактуу формалары диалектикалык, гносеологиялык жана логикалык өңүттөн конкреттүү анализденип, алардын концептуалдык статусу, эвристикалык мааниси жана «формалык» кудурети, табияты салыштырмалуу такталат. Тарыхый философиялык мүнөздөгү эмгектер[1] биз иликтөөгө алган проблеманы контексттик мүнөздө талдоого алып, анын айрым гана аспектилерин (концепттерин), өздөрүнүн илимий максатына ылайык кененирээк каралган тигил же бул маселелерге байланыштырып, учкай белгилешет. Албетте, мындай пикирлердин артыкчылыгы – алар кыйла «таанып дүрмөтүнө» ээ системалык бүтүндүктүн абстракциясы катары кай бир деңгээлде «сандык концепттердин» «сапаттык концепцияга» өтүшүнө өбөлгө болгондугунда; ал эми чектелгендиги салыштырмалуу абстрактуулукту абсолютташтырууга же конкреттүүлүк менен жаңылыш алмаштырууга шарт түзүлгөндүгүндө. Тилекке каршы, тарыхый-философиялык мүнөздөгү атайын изилдөө катары конкреттүү илимий фактылардын негизинде демокриттик концепциянын антифаталисттик табиятын далилдеген В.П.Горандын гана эмгегин[2] атоого болот. Ал абдериттик ойчул объективдүү зарылдыкты таануу менен чектелбей, объективдүү кокустуктун онтологиялык ордун андай билгендигин антикалык терминдердин семантикасын тактоо аркылуу таамай көрсөтөт. А.О.Маковельскийдин, Ф.Х.Кессидинин, А.Ф.Лосевдин, И.Д.Рожанскийдин, А.В.Семушкиндин, О.В.Трахтенбергдин эмгектеринде тигил же бул контекстте антикалык философиядагы Платон менен Аристотелдин көз караштары талданат. Чыгыш перипатетиктеринин

[1] Асмус В.Ф. Античная философия. – М.: Высш. шк., 1976; Богомолов А.С. Диалектический логос. Становление античной диалектики. - М.: Мысль, 1982; Григорян С.Н. Средневековая философия народов Ближнего и Среднего Востока. – М.: Изд-во АН СССР, 1966; Джохадзе Д.В. Основные этапы развития античной философии. – М.: Наука, 1977; Желнов М.В. Предмет философии в истории философии. – М.: Изд-во МГУ, 1981; История материалистической диалектики. –М.: Мысль, 1971; Лурье С.Я. Демокрит. Тексты. Перевод. Исследования. – Л.: Наука, 1970; Майоров Г.Г. Формирование средневековой философии. – М.: Мысль, 1979; Малинин В.А. Теория истории философии. - М.: Наука, 1976; Ойзерман Т.И. Проблема историко-философской науки. – М.: Мысль, 1982; Соколов В.В. От философии античности к философии нового времени. Субъект-объект. Парадигма. – М.: ЭДИТОРИЛЛ УРСС, 2000; Страницы истории философской мысли. – Владивосток: изд-во Дальневосточного ун-та, 1998; Чанышев А.Н. Курс лекций по древней философии. – М.: Мысль, 1982; ж. б.

[2] Горан В.П. Необходимость и случайность в философии Демокрита. - Новосибирск: Наука, 1984.

карама-каршылыктар да жок эмес, айталы, иликтенип жаткан проблеманы ички-сырткы негиз-себептер менен аныктап, кайра айнып мындай пикирди сынга алган учурлар кездешет. Жалпысынан, диалектика-логикалык багыттагы проблеманы атайын изилдеген эмгектер мерчемдүү деңгээлде кыйла концептуалдык, илимий-теориялык мааниге ээ, бирок ошону менен бирге, алар жогоруда учкай белгиленген айрым бир мүчүлүштүктөрдөн куру эмес.

Зарылдык жана кокустук категорияларынын табияты, өз ара алакасы табигый, табигый-философиялык илимдер тармагында да кызуу талдоого алынат, макродүйнө менен микродүйнөнүн карым-катнашы, өзгөчөлүктөрү, жаратылыш кубулуштарынын теориялык негизделиши жана аларды адекваттуу аңдай билүү; микрообъектилердин аракети, ыктымалдык (вероятность) теориясы, теоретикалык-информациялык мамиле-принциптер В.А.Рыжконун, А.Ю.Ишлинскийдин, М.Эйгендин, Г.Хакендин, Ю.В.Сачковдун, А.И.Филюковдун, Н.Н.Жуков-Вережниковдун, М.А.Парнюктун, Ю.В.Чайковскийдин, В.С.Тюхтиндин, С.Н.Нарскийдин эмгектеринде аталган категориялар аркылуу мүнөздөлөт. Кокустуктун зарыл табиятына негизделген синергетика И.Пригожиндин, В.Арнольддун, С.П.Курдюмовдун, Е.Князеванын изилдөөлөрүндө иликтенип, ал ачык (открытое) сызыксыз (нелинейное) системалар менен байланыштырылат. Бул багыттагы айрым эмгектерде кокустукту абсолютташтыруунун элементтерине жол берилет: жаңы материалдык түзүлүш, сапаттык өзгөрүүлөр кокустук менен түшүндүрүлүп, анын зарыл табияты көлөкөдө калат.

Зарылдык жана кокустук категориялары, алардын айрым концептуалдык моменттери түздөн-түз, көбүнесе кыйыр түрдө кандайдыр коомдук процесс, илимий-теориялык проблемалар жана кубулуштар менен байланыштырылып, кыргызстандык философ-адистердин эмгектеринде да чагылдырылат[8].

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети:** зарылдык жана кокустук категорияларынын генезиси жана филогенездик (тарыхый-философиялык) эпистемологиянын структурасындагы концептуалдык эволюциясы, логикалык филиациясы, кубулуш катары каралышы – изилдөөнүн объектиси; ал эми ушул эле объектинин карама-каршылыктын биримдигин түзгөн диалектикалык табиятын, конкреттүү-тарыхый мүнөзүн, логика-гносеологиялык маңызын абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн карым-катнашы аркылуу аныктоо – изилдөөнүн предмети.

[8] Абдылдаев Б.А., Бакаев А.К. Соотношение понятий естественное и искусственное. – Фрунзе: Илим, 1983; Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов. – Б.: Илим, 1998; Алтмышбаев А.А. Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. – Фрунзе: Илим, 1980; Аманалиев Б.А. Из истории философской мысли киргизского народа. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1973; Аскаров Т.А. Эстетическая оценка словесного творчества. – Б.: Кыргызстан, 2001;Жумагулов М.Ж. Понятие «связь». – Б.: Илим, 1991; Какеев А.Ч. Философская мысль в Кыргызстане: Поиски и проблемы. – Б., Изд-во КСХУ. 1995; Мукасов С.М. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. – Б., Илим. 1999; Нарынбаев А.И. Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров. – Б.: Илим, 1994;Салиев А.А. Учение о мысли. - Б.: Илим, 2000; Тогусаков О.А. Предвидеть – способность человека. – Б., 2000.



**Проблеманын изилдениш даражасы, деңгээли** аны түшүнүп-интерпретациялоонун ооп-кыйыштары дааналап тургандай, диалектиканын татаал, чиеленген логико-гносеологиялык формалары – зарылдык жана кокустук категориялары, алардын өтмө-катар табияты, ажырагыс биримдиги илимий-теориялык тактоолорго муктаж экендиги талашсыз. Ушундан улам, тарыхый-философиялык эпистемологиянын структурасындагы өр тарткан коомдук өнүгүү, мейкин менен мезгилдин айкалышы аныктаган зарылдык жана кокустуктун конкреттүү-тарыхый формаларынын биринен-бирине өтүп, жөнөкөйдөн татаалга карай калыптанып-өнүгүп келгенин ырааттуу иликтеген эмгектин өксүктүгү, биз иликтөөгө алган объектинин изилдениш деңгээлинин тартыштыгы, проблематикалуулугу, актуалдуулугу төмөнкү максатты жана милдеттерди шарттады.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Объективдүү диалектиканын илимий-теориялык жоболоруна таянып, таанып теориясынын өнүгүш логикасына ылайык, айрым маңызы ачыла элек методологиялык маселелерди тактап (метафилософиянын урунттуу жагдайларын түшүндүрмөлөп), зарылдык менен кокустук категорияларынын генезисин; объективдешкен жана субъективдешкен концептуалдык формаларын; болмуштун өзгөчөлүгүнө, тааным кудуретине жараша ар кандай ыкмада - метафизикалык же диалектикалык өңүттөн алардын табиятын экспликациялоонун негиздерин эпистемологиянын тарыхый-философиялык логикасынын алкагында салыштырмалуу иликтөө - изилдөөнүн башкы максаты.

Тааным процессинин урунттуу учурларындагы аталган категориялардын трансформацияланышы, алардын ички карама-каршылыгынын чыңалышы, чечилиши, жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлүшү же алардын маңызын аңдоого багытталган «концептуалдык күрөштүн» чын-төгүнүн ажыратыш татаал, дурус-буруш пикирлерди шарттагандыгы, ар кыл, айрым убактарда кайчылаш ойлордун объективдүү негизин адекваттуу аңдоону талап кылат. Бул тааным талабы абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн объективдүү алакасынын алкагында тарыхый-логикалык жагдайлардын диалектикалык айкалышын бузбай проблеманы так иликтөөнү, анын байыртан бери калыптанып келген азыркы логико-гносеологиялык маңызын кылдат аңдоо менен адекваттуу концептуалдык ретроспективасын түзүүнү шарттайт. Бүгүнкү күнгө чейин такталбаган зарылдык, кокустук категорияларын ар кандай позиция - ракурстан түшүнүп интерпретациялоо багытындагы талаш пикирлерди тактоого аракеттенүү, алардын объективдүү өнүгүш картинасын тарыхый-философиялык жана диалектико-логикалык материалдардын негизинде реконструкциялоо изилдөөнүн негизги максатын, структурасын жана имманенттүү логикасын айкындап, төмөнкү конкреттүү милдеттерди аныктайт:

- «зарылдык» жана «кокустук» категорияларынын тарыхый-философиялык табиятын, логико-гносеологиялык маңызын жөнөкөйдөн татаалга, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө багытталып калыптанган тааным феномени иретинде иликтеп, алардын концептуалдык мазмунун, диалектикалык алакасын аныктоо;

- «философия тарыхы» категориясынын конкреттүү көрүнүшү метафилософиянын тааным процессиндеги дүйнөкараштык объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү концепцияларын анализдөө, ошондой эле бул илимий тармактын маңызын, эвристикалык маанисин айгинелөө;

- зарылдык-кокустуктун генезисин, мифоэпикалык формаларын дүйнөлүк жана кыргыз фольклорунун негизинде талдап, алардын өзгөчөлүктөрүнө – түшүнүк-таанымдык кудуретине токтолуу;

- антикалык диалектиканын калыптанышын, андагы объектини субъективдештирүүчү же субъектини объективдештирүүчү «моменттерди» иликтөө менен антиномиялык философиялык системалардагы зарылдык жана кокустук категорияларынын конкреттүү-абстракциялык көрүнүшүн тактоо;

- классикалык жана чыгыш перипатетизминин логика-таанымдык байланышын, концептуалдык жалпылыктарын, айырмаларын тактап, иликтөөгө алынган объектинин формалдуу - логикалык мазмунун аңдоо, перипатетиктердин категорологиясынын негизги онтологиялык, гносеологиялык жана логикалык маселелерин, зарылдык, кокустуктун интерпретацияланышындагы филиациянын өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- зарылдык жана кокустук категорияларынын «субстанция», «объективдүү реалдуулук», «онтологиялык мазмун», «субъектини объектештирүү», «объектини субъектештирүү» гносеологиялык феномендери жана объективдүү диалектика менен байланышын тарыхый-философиялык материалдардын негизинде иликтөө;

- диалектика-логикалык жана логика-гносеологиялык анализ-синтездин натыйжасында зарылдык менен кокустуктун онтологиялык, гносеологиялык жана логикалык статустарын аныктоо, алардын объективдүү илимий-теориялык картинасын түзүү;

- соңку мезгилде өзгөчө өнүккөн теориялык багыт – синергетиканын жоболоруна таянып, кокустук менен зарылдыктын субстанциялык маңызын аныктаган ички механизмдер аркылуу алардын тааным формаларын түзүп, илимий-диалектикалык концепциянын объективдүү мазмунун, логика-гносеологиялык маңызын реконструкциялоо.

**Изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери.** Жогоруда аныкталган илимий максаттарды жана милдеттерди жүзөгө ашыруу – объективдүү, комплекстүү анализ; аныктаманын тактыгы; детерминизм; тарыхыйлуулук менен логикалыктын айкалышы; карама-каршылыктын биримдиги жана системалуулук; абстракциядан конкреттүүлүккө умтулуу; анализ, синтез өңдүү диалектиканын негизги жоболорун колдонуу менен



шартталды. Метафилософиянын тааным процессиндеги илимий принциптерин методологиялык аңыз катары жетекчиликке алып, изилдөөнүн бүтүндүгүн, системалуулугун, логикалык тактыгын камсыз кылуу максатында, диалектиканын универсалдуу мыйзамдарына таяндык, филогенез менен онтогенезди айкалыштыруу аркылуу тарыхый-философиялык концепцияларды моделдештирүүнүн субъективдүү өзгөчөлүктөрү эске алынды, объективдүү форма менен аңын субъективдүү образынын дал келип, айырмаланышы - экинчисинин активдүүлүгү практиканын имманенттүү карама-каршылыгы менен түшүндүрүлөөрү көрсөтүлдү.

Методологиялык мүнөздөгү абстрактуулук жана конкреттүүлүк категориялары табият, коом, ой жүгүртүүнүн жалпы формаларын, ошондой эле ойлом менен чындыктын тынымсыз кыймылдагы биримдигин, дал келишин (тождество) туюндурары; аталган категориялар конкреттүүлүктүн толук эмес көрүнүшү же айрым бир «моменти» экендиги илимий-теориялык таяныч катары колдонулду. Кубулуштун маңызын адекваттуу түшүнүү үчүн анын жаралышын, торолуу этаптарын жана калыптанышын кылдат кароону талап кылган тарыхыйлуулук принциби проблеманын өнүгүш диалектикасын аңдап, аны объективдүү иликтөөгө мүмкүнчүлүк берди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө мифоэпикалык материалдар, элдик оозеки чыгармалар, антикалык жана күнчыгыш ойчулдарынын трактаттары, классик-философтордун эмгектери проблеманы иликтөөнүн булактары катары пайдаланылды. Окумуштуу адистер Ж.М.Абдильдин, Э.В.Ильенков, П.В.Копнин, В.А.Лекторский, Л.К.Науменко, А.Н.Нысанбаев, З.М.Оруджев, Г.А.Югайдын диалектикалык логика боюнча эмгектери; В.С.Библер, П.П.Гайденко, Д.П.Горский, М.С.Каган, А.М.Коршунов, М.К.Мамардашвили, В.Н.Сагатовский, А.А.Салиев, В.С.Тюхтиндин тааным процессин анализдөөгө арналган эмгектери; В.Ф.Асмус, Дж.Бернал, М.Д.Диноршоев, А.Ф.Лосев, А.Х.Касымжанов, В.В.Соколов, А.Н. Чанышевдин тарыхый-философиялык иликтөөлөрү; К.Маркс, Ф.Энгельс, В.И.Лениндин методологиялык мүнөздөгү эмгектери, ошондой эле З.Фрейд, Э.Фромм, М.Вебер, А.Тойнбинин эмгектериндеги илимий жалпылоолор, табылгалар, жоболор, концепциялар изилдөөнүн жогоруда белгиленген теориялык негизин түздү.*

**Илимий иштин жаңылыгы.** Максат-милдеттердин тактыгы, илимий-методологиялык принциптер менен иштин ички логикасынын дал келиши илимий изилдөөнүн жаңылыгын шарттап, аны төмөндөгүдөй аныктоого мүмкүнчүлүк түздү:

1. Философия тарыхы теориясынын конкреттүү көрүнүшү, концептуалдык формасы гипотетикалык мүнөздөгү метафилософия түшүнүгүнүн алкагында объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү

* Бул жерде жана мындан ары аталган авторлордун (жалпы колдонулган) эмгектердин толук маалыматы диссертациядагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинде берилди.

философиялык проекциялардын мазмуну аркылуу аныкталып, анын теориялык мүнөзү такталып, концептуалдык өзгөчөлүктөрү белгиленди.

2. Иликтенген проблеманын генезиси дүйнөкараштын алгачкы формасы мифтик аң-сезим менен байланыштырылып, анын субъект-объектинин, предмет-белгинин, нерсе-сөздүн, жалкылык-жалпылыктын барабарлыгын, айырма-окшоштугун, өтмө катар табиятын элес албаган сезме-эмоционалдык мүнөзү байыркы мифтердеги алгачкы образдуу предметтер аркылуу, «теңирчилик» түшүнүгүнүн субстанционалдык-партиципациялык өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлдү.

3. Антикалык диалектиканын алгачкы этабындагы зарылдык менен кокустук түшүнүктөрүнүн демифтештирилген өзгөчөлүктөрү, алардын табият-турмушка тутумдаш логикалык формалар катары аңдалышы; белгилүү «атом», «боштук», «кыймыл» проблемаларынын «зарылдык» жана «кокустук» абстракциялар аркылуу көрүнүшү; «объективдүү эйдос» аркылуу сократтык этиканын синтезделиши, субъективди объективдештирүү менен зарылдык, кокустукту аныктоо; аталган категориялардын релятивисттик жана релятивисттик эмес формаларынын диалектикалык элементтери белгиленди; тарыхый-философиялык эпистемологиянын структурасындагы антикалык баскычтын атомисттик жана эйдостук «линиялары» такталып, алардын иликтенген проблема тууралуу концепциялары аныкталды.

4. Стагириттин философиясы (диалектикасы) бүтүндөй гегелдик философиянын (диалектиканын) башталмасы катары мүнөздөлүп, андагы онтологиялык мазмун менен башбашталмандын карама-каршылыгы, категорологиянын илимий статуска ээ болушу көрсөтүлдү; зарылдык менен кокустуктун себеп-натыйжа мамилелери менен мүнөздөлүшү, шарт-кырдаал, «себептик катар», «форма» жана «материя» менен байланышы ойчулдун дүйнөкарашынын алкагында чечмеленди.

5. Антикалык (Элеаттар, Платон, Аристотель) философиянын Башмаңыз, Башсебеп, Башкыймылдаткыч түшүнүктөрү азыркы мезгилде талкууланып жүргөн «Абсолют проблемасы» менен айкалыштыра каралып, анын төмөнкү концептуалдык мүнөздөрү белгиленди: Ал (абсолют) бар, Аны таанып-билүүгө болот (рационализм); Ал бар, бирок Аны таанып-билүүгө болбойт (иррационализм); Анын бар-жок экенин биле албайбыз, анткени мындай суроонун коюлушу натуура, маанисиз (скептицизм); Ал – жок. Абсолюттуулуктун мындай мүнөздөлүшү анын табияты боюнча зарылдык, ал эми аракети боюнча кокустук катары көрүнүшү менен байланыштырылды.

6. Чыгыш перипатетизм категорологиясынын дүйнөкараштык маңызы, концептуалдык мааниси, теориялык булактары, методологиялык негиздери анализденип, андагы зарылдык менен кокустук категорияларынын логико-гносеологиялык өзгөчөлүктөрү, диалектикалык моменттери мурда пайдаланыла элек тарыхый-философиялык материалдар аркылуу аныкталды.



7. Чыгыш перипатетиктеринин классикалык аристотелизмди өнүктүрүп, Сигер Брабантский жана европалык аверроизм аркылуу Жаңы мезгил философиясынын илимий-теориялык пайдубалын түзгөндүгү; алар зарылдыктын объективдүүлүгүн, маңыздуулугун, шартталгандыгын (ички себеп аркылуу), туруктуулугун, кайталанма касиетин, сөзсүз актуалдашарын; ал эми кокустуктун чектелгендигин, убактылуулугун, маңыздуу эмес экендигин далилдешкен.

8. Эмпиризм менен рационализмдин алкагындагы логико-гносеологиялык постулаттардын жаңы тарыхый-маданий контексттеги зарылдык, кокустук түшүнүктөрүн негиздеши, рационалдык таанымдын скептицизм менен аякташы, ошондой эле «универсалия» проблемасынын чечмелениши көрсөтүлдү.

9. Трансценденталдык категорологиянын өзгөчөлүгү, зарылдык жана кокустук априорийлери, түшүнүктөрдүн апперцепциялык маанилери, объектинин субъектешүүсү менен субъектинин объектешүүсүнүн диалектикасы; зарылдык-кокустуктун субъективдүү диалектикалык мүнөзү, алардын активдүү гносеологиялык формалары же «кокустук айрым бир негизге ээ, ошондуктан кокустук, ошондой эле ал негизге ээ эмес, анткени кокустук» деген диалектикалык тезистин концептуалдык мааниси таасындалды.

10. Диалектико-логикалык концепциянын негизинде зарылдык жана кокустук категорияларынын онтологиялык, гносеологиялык, логикалык статустары «абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү», «тарыхыйлык жана логикалык», «анализ жана синтез» методдорунун ошондой эле, «ийкемдүү диалектика», «тарыхты объективдүү нукта түшүндүрүү» методологиялык жоболорунун негизинде аныкталды.

11. Зарылдык менен кокустуктун синергетикалык формалары реконструкцияланып, төмөнкү тезистер аныкталды: кандайдыр тең салмактуулукка, стабилдүүлүккө ээ болуп, белгилүү деңгээлде уюмдашкан объектилер-кокустуктардын мерчемдүү аракетинин натыйжасы; нерсенин өзгөрүшү, жаңы сапатка өтүшү – кайткыс (необратимый) мүнөздөгү кокустуктун үзүрү; абстракциялардын жалпы тутумун түзгөн конкреттүү табигый феномен өзү пайда болгонго чейинки татаал системадагы кокустуктардын кагылышынан улам түзүлгөн өзүуюмдашуунун (синергетикалык) натыйжасы, диссипация – зарылдык парадоксу; бир бифуркациянын чегинен экинчи бифуркацияга чейинки бир тараптуу багыттагы эволюцияда микрообъектиден макрообъект деңгээлине көтөрүлгөн кокустук чыңдалып күч алат да, флуктуация зарылдыгына айланат, ошентип, зарылдык кокустукту толуктайт, аныктайт.

Жалпысынан, синергетика табиятта кокустук, кайткыс процесстер орчундуу орунду ээлерин далилдейт, объективдүү реалдуулук, материя жөнүндөгү түшүнүктү кеңейтип, микрообъектилер өзүнөн-өзү уюмдашып, структура түзүү кудуретине эгедер экендигин тастыктайт. Ушундан улам

синергетиканы абсолютташтыруу да, баалабай коюу да концептуалдык жаңылыштык болуп эсептелет.

12. Зарылдык жана кокустук категорияларынын логика-гносеологиялык маңызы экспликацияланат: диалектиканын логикалуулугу, логиканын диалектикалуулугу жана таанымдын диалектика-логикалуулугу аркылуу алардын статусу аныкталат. Аталган категориялар филогенез менен онтогенездин биримдиги, объективдүү болмушту рухий жактан өздөштүрүүнүн конкреттүү тарыхый формасы катары түшүндүрүлөт.

**Коргоого сунуш кылынган жоболор:**

- ички умтулуу менен сырткы ишмердүүлүктүн карама-каршылыгы таанымпроцессин өрчүтүп, жалпылыктардын аң-сезимдин объектисине айлануусуна өбөлгө түзүлгөндөн кийин, ойдун категорияланышы башат алган, анын предметтүү-образдуу мүнөзү чексиз субстанциялык башталманы, кандайдыр абсолютту негиз туткан онтологиялык акценттин өкүм сүрүшүн шарттаган;
- таанымпроцессинин диалектикалык табияты анын тарыхый-философиялык структураланышын шарттайт, ушунун негизинде категориялардын кубулуштан маңызга, маңыздан кубулушка карата жөнөкөйдөн татаалга багытталган кыймылы сандан сапатка өткөн түйүндүү «секичелерди» түзөт; түшүнүктөрдүн концептуалдык диапозону объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү концепциялардын элегинен өтүп калыптанып, метафилософиялык жалпылоонун деңгээлине көтөрүлөт; ааламдын маңызы, жаратылыш менен рухтун субстанциясы же абсолют аң-сезимдин предметине айланып, анын болмуш менен болгон мамилеси конкреттүү-тарыхый мүнөздөмөгө ээ болуп, ар кандай дүйнөкараштык позициядан интерпретацияланат;
- категорология ой жүгүртүү өз эркиндигине ээ болгон учурдан, онтологиялык жалпылыктан логика-гносеологиялык жалпылыкка айланган мезгилден башат алат; түшүнүктөр нерсе-кубулуштардын маңызы катары дүйнөтүзүлүштү таануунун каражатына айланат, ал философиялык системалардын өнүгүшү аркылуу өрчүйт. «Философия өнүгүп турган система, философия тарыхы да кудум ушундай, бул - негизги пункт, ... негизги түшүнүк... идеялардын өнүгүш системасы катары түшүнүлгөн философия тарыхы гана илим деп аталууга татыктуу» деген жоболорду изилдөөдө конкреттүү мазмунга ээ болот;
- категорология философиялык жалпы түшүнүктөрдүн диалектикалык системасы катары генетикалык, структуралык жана функционалдык жактан миф менен киндиктеш, мифология үчилтик чындыктын – реалдуу дүйнөнүн, метафизиканын жана логиканын биримдигин чагылдырат, анда зарылдык-кокустук ажырагыс биримдикте каралып, предметтүү-образдуу мүнөзгө ээ;
- антикалык диалектика протофилософиялык көз караштын демифтеши менен байланыштуу, табияттан сырткары турган касиеттүү күчтүн (оракул) ордун өзүн өзү андаган ой жүгүртүүгө жөндөмдүү субъект ээлейт. Субстанция түшүнүгү өнүгүп, зарылдык жана кокустук категорияларынын негизги концептуалдык моменттери калыптанат;
- чыгыш перипатетиктери антикалык диалектиканы жаңы кырдаалга жараша өнүктүрүп, зарыл-негиздин функционалдык алкагын биринчи себеп менен чектеп, нерсе-кубулуштардын объективдүү, материалдык негиз менен шартталгандыгын көрсөтүшөт; «ай үстүндөгү дүйнө» менен «ай астындагы дүйнөнүн», «зарыл-негиз» менен «мүмкүн негиздин» диалектикасын «форма» жана «материя» түшүнүктөрү менен чечмелейт; зарылдык менен кокустукту перипатетикалык традициянын контексинде интерпретациялайт; алардын деисттик-материалисттик көз караштары материянын, дүйнөнүн жана алардын атрибуттары – кыймылдын, мезгилдин жана мейкиндиктин түбөлүктүүлүгү менен байланыштуу; доордун конкреттүү-тарыхый мүнөзү менен чектелгендиктери: болмуштун биринчи себеби жөнүндөгү пикир; жандын (аң-сезимдин) жогорку деңгээлдеги уюмдашкан материянын функциясы катары каралбагандыгы; «сүйлөөчү жандын» (аң-сезимдин) түбөлүктүүлүгүн ырастоо. Перипатетиктердин концепциялары Омор Хайямдан (XI) баштап, Садриддин Шерази (XVII), Ахмед Дониш (XIX), ошондой эле Сигер Брабантский (XVII) аркылуу француз материалисттерине жеткен(XVIII), алардын идеялары Насриддин Туси тарабынан өнүктүрүлүп, Мухаммад Газали, Мухаммад Шахристани, Фахриддин Рази жана Ибн Таймийе тарабынан сынга алынган;
- лапласттык зарылдык Жаңы мезгилдин конкреттүү-тарыхый жана илимий шарттары менен түшүндүрүлөт; материализм менен идеализм, рационализм менен эмпиризмдин карама-каршылыгы зарылдык менен кокустуктун дал келишинде камтылган айырмачылыкты күчөтөт, бул категориялардын салыштырмалуу карама-каршылыгы белгилүү деңгээлде механикалык метафизиканын алкагында абсолютташтырылат;
- трансценденталдуу логика же субъектини объективдештирген категорология Жаңы мезгил койгон маселени – зарылдык менен кокустуктун айырмалуу мамилелерин диалектикалык логиканын принциптерине ылайык иликтеп, алардын концептуалдык мазмунун объективдүү логиканын пунктунда чечмелейт: кокустук-зарылдык, анткени ал да маңыз менен шартталган; зарылдык кокустук аркылуу өзүнө чыйыр салат;
- абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, тарыхый жана логикалык, анализ, синтез (индукция, дедукция) методдору тарыхты объективдүү позициядан интеграциялоо зарылдык менен кокустуктун объективдүү диалектика-логикалык маңызын аныктайт;
- бифуркация менен шартталган флуктуация кокустуктун онтологиялык статусун түзөт, табигый илимдердин соңку жетишкендиги зарылдык менен кокустуктун мыйзамдуу кайчылаш концепттерин абсолютташтырууга негиз боло албайт. Синергетика микрообъектилер

сферасындагы өзуюмдашуу (самоорганизация) принцибин негиздеп өнүктүрүү менен зарылдык жана кокустук категорияларынын методологиялык функциясын арттырат.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси** проблеманын имманенттүү логикасына ылайык, алдын ала такталган теоретикалык-методологиялык принциптери аркылуу аныкталып, жогоруда кыскача туюндурулган изилдөөнүн илимий жаңылыктары анын концептуалдык маңызынан келип чыккан илимий-практикалык маанисин айгинелейт. Иликтөөгө алынган проблеманын диссертациялык изилдөөдө сунуш кылынган чечилиши философия тарыхы илиминин метафилософия катары конкреттелишине; диалектика-логикалык принциптердин такталышына; философиянын генезисин шарттаган өбөлгөлөрдүн концептуалдык базасынын кеңейишине; антикалык диалектиканын логика катары өнүгүшүн аңдоого; чыгышперипатетизм философиялык системасынын өзгөчөлүгүн, диалектико-логикалык көз караштын калыптанышын системалаштырууга; зарылдык менен кокустуктун объективдүү мазмунун логико-гносеологиялык формасын тактап-аныктоого; синергетиканын методологиялык маңызын адекваттуу аңдап, анын контексинде кокустук менен зарылдыктын диалектикасын реконструкциялоого реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүп изилдөөнүн илимий-теориялык маанисин шарттап турат. Бул аталган философиялык маселелердин теориялык изилдөөнүн логикалык жыйынтыгы катары аналитикалык жол менен синтезделиши иштин практикалык маанисин туюндурат. Изилдөөнүн жыйынтыктарын илимий-педагогикалык, чыгармачылык жана идеологиялык иштерди адекваттуу, таасирдүү уюштурууда; философия, философия тарыхы, социология, этика, эстетика, азыркы табигый илимдердин концепциясы боюнча лекцияларды, атайын курстарды жана семинарларды өткөрүүдө пайдаланууга болот. Белгиленген илимий милдеттердин өтөөсүнө чыгуу максатында конкреттүү жагдайга карата так, таасирдүү колдонулган диалектикалык принциптер илимий-изилдөө иштеринде теориялык көрсөтмө, логикалык ыкма-каражат катары колдонулушу мүмкүн.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору философия, философия тарыхы, чыгыш философиясы өңдүү жалпы жана атайын курстарда колдонулуп, Бишкек гуманитардык жана Кыргыз мамлекеттик улуттук университеттеринин студенттерине, философия жана укук Институтунун аспиранттарына окулду, ошондой эле төмөнкү республикалык жана эл аралык илимий конференция, симпозиумдарда баяндалды: Бишкек (1983--2001жж.); Ош (1988,1990); Алма-Ата (1988, 1990, 1992); Душанбе (1983--1990); Ташкент (1989); Москва (1986,1988, 1990, 1998); Анкара (Турция, 1998), Пенджаб (Индия, 1999).

Диссертциялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары КР ИУАнын философия жана укук Институтунун философия тарыхы бөлүмүндө; Тажик Республикасынын философия жана укук институтунун философия



тарыхы бөлүмүнүн кеңешмелеринде бир нече ирет талкууланган. Диссертциянын материалдары илимий монография, брошюра, макалалар аркылуу чагылдырылды: «Концепции необходимости и случайности в учении античных и восточных мыслителей» (Фрунзе: Илим, 1989) көлөмү – 8, 25 б.т.; «Акылнаамэ: мейкиндик жана мезгил (Кыргыз филоофиясынын очерктерине карата)» (авторлор менен биримдикте, Бишкек, 1994), көлөмү – 6, 5 б.т.; «Уңгу сөздөн улама (Кыргыз философиясынын очерктерине карата)» (Бишкек: Илим, 1994, автор менен бирдикте), көлөмү – 3, 75 б.т.; «Метафилософия» (Бишкек: Илим, 2001), көлөмү – 6, 75 б.т.; «Синергетика» (Бишкек: Илим, 2001), көлөмү – 8, 25 – 2, 5 б.т.; «Чыгыш перипатетизми (Бишкек: Илим, 2002) көлөмү – 8, 25 б.т.; «Зарылдык жана кокустук: тарыхый-философиялык анализ» (Бишкек: Илим, 2002), көлөмү – 16 б.т. ж.б.

«Концепция необходимости и случайности в учении античных и восточных мыслителей» (Фрунзе, Илим, 1989) деп аталган илимий монография 1989-жылы илим жана техника жаатында Ленин комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон. Бул монографияга республикалык басма сөздөрдө бир топ рецензиялар жарык көргөн.

Диссертациялык иш КРИУАнын Философия жана укук Институтунун кеңейтилген кеңешмесинде «Гносеология жана экологиянын социалдык проблемалары», «Философия тарыхы» бөлүмдөрүнүн, Философия кафедрасынын, БГУ, КТУнун адистеринин катышуусу менен талкууланган.

**Структурасы.** Диссертация материалдарды мазмун-формасына жараша жайгаштыруунун логикасына ылайык, киришүүдөн, 5 главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Диссертациянын негизги мазмуну.** Киришүү бөлүмүндө диссертациянын темасынын олуттуулугу, иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, учурдагы абалы же изилдениш даражасы айкындалып, диссертациялык иштин максаты, милдеттери, предмети жана объектиси аныкталат; илимий жаңылыгы, коргоого сунуш кылынган жоболор, теориялык жана практикалык мааниси, методологиялык негиздери таасындалып, анын ар кандай формада апробацияланышы көрсөтүлөт.

**Биринчи глава «Метафилософия: зарылдык менен кокустуктун генезиси»** проблеманын илимий-методологиялык аспектилерине, анын алгачкы тарыхый-логикалык формаларына арналган. Анын өзөктүү логикасы - метафилософиянын концептуалдуу маңызы жана изилдөө объектисинин философемалык формасы аныкталып, алардын онтологиялык негизи, логика-гносеологиялык мазмуну такталат.

**Аталган главанын биринчи параграфы «Метафилософиянын гипотетикалык маңызы жана тарыхый философиялык мазмуну (илимий-меодологиялык аспект)»** деп аталып, анын концептуалдык алкагында иликтөөгө алынган проблеманын так маани-мазмуну, өбөлгөсү тарыхый-логикалык апперцепциянын айрым түйүндүү жагдайлары анализденет.

Кыргыз Республикасынын ... КИТЕБИ ... Централдык ... БИБЛИОТЕКА

«Метафилософия», «дүйнөкараш» түшүнүктөрүнүн мазмун-формалык тилкеси, объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү философиялык интерпретациялардын өзгөчөлүктөрү иликтенет. Философия тарыхы илимин доксографиядан айырмалап концептуалдаштыруу, ошондой эле категориялардын сенек эмес, ийкемдүү, так-далилдүүлүгүн сактоо максатында гипотетикалык таризде «метафилософия» түшүнүгү негизделип, ал «философия жөнүндөгү философиялык илим» катары жөнөкөй трактовкасында мүнөздөлөт. Анын объективдүү логикасы, жандуу диалектикасы тарыхый философиялык компонент «суроо-жооптун» табияты менен түшүндүрүлөт: ар бир тарыхый-логикалык бүктөмдө өкүм сүргөн логикалык ой-бүтүм – белгилүү бир суроо-талап тарабынан детерминацияланат. Философия тарыхы өз мезгилинде аныкталган «суроо-жооп» доктриналарына ылайык, төмөндөгүдөй үчилтиктен турат: «дүйнөнүн субстраты эмнеде» (тезис); «дүйнөнү ким (эмне) жараткан» (антитезис); «эмне биринчи: идеябы же материябы» (синтез). Белгиленген үчилтик «философиялык горизонт» концепциясы аркылуу дааналанып: мифтик аң-сезим, перипатетикалык традиция, диалектикалык логика - категориялык ой жүгүртүүнүн түйүндүү алкактары катары көрүнөт. Тарыхый-логикалык өзгөчөлүктөргө ээ тааным горизонттору объект-субъектинин карым-катнашын чечмелөө боюнча бири-биринен айырмаланган «объективдештирүүчү» жана «субъективдештирүүчү» интерпретациялык алкактардын өз ара аракети менен түшүндүрүлөт. Дүйнөлүк жалпылыктын (зарылдыктын) негизин объектиден же субъектиден издеген ажырым, бирок өнөктөш метафилософиялык феномендер – табигый жана психикалык акыйкатты дүйнөтүзүлүштүн зарылдыгы катары интерпретациялаган объективдештирүүчү, ошондой эле адамдын «мени», анын дүйнөгө болгон мамилеси, максаты – болмуштун маңызы түзөт маанисиндеги пикирди эш туткан субъективдештирүүчү концепцияларды жаратты. Эгерде биринчи көз караш дүйнөтүзүлүштү (зарылдыкты) индифференттүү (кайдыгер) болмушка айландырып, «объектини» обочолонгон, өлүмтүк субстанция катары түшүнүүгө алып барса, экинчиси – субъектини анын онтологиялык базасынан обочолонтот.

«Дүйнөкараш» (мировоззрение) менен «философияны» түшүнүк-синонимдер катары караган чаташуулар бар: «дүйнөкараш» болмуштун жалпы теориясы жөнүндөгү илим катары мүнөздөлүп, философияны адекваттуу эквивалентине айландырылат. Арийне, философиянын негизги объектиси – диалектика, логика жана тааным теориясынын биримдиги, ал эми дүйнөкараш -- бүтүндөй конкреттүү илимий жетишкендиктердин натыйжасында пайда болуучу эпистемологиялык феномен. Метафилософия үчүн тигил же бул жеке адамдын көз карашы эмес, объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү дүйнөкараштар маанилүү. Демек, философияны өнүктүрүү – тарыхый-философиялык, логика-гносеологиялык материалдардын негизинде диалектиканы, анын түшүнүк-



категориялык аппаратын өнүктүрүү болуп эсептелет. Метафилософия (философия тарыхы) – философия илиминин теориясы менен логикасы, анткени ал тарыхый жана логикалык процессти жалпылоого негизделген.

Жогоруда учкай белгиленген илимий практикада дээрлик сөз боло элек же сейрек талкууланып жүргөн татаал теориялык маселелерден («метафилософия», объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү окуулар, дүйнөкараш менен философиянын карым-катышы) тышкары, бул параграфта мифогендүү, динийгендүү түшүнүмдөр жана сциентизм концепциялары анализденип, философиянын генезиси, философема сыяктуу методологиялык проблемалар кылдат талданат. Кыргыз философиясы, аны этапташтыруу маселелери философиянын генезисинин контекстинде каралып, гипотетикалык мүнөздөгү жаңы пикирлер сунуш кылынат. Көпчүлүк тарыхый-философиялык эмгектер (айрыкча философия тарыхы боюнча көлөмдүү очерктер) конкреттүү доор же философторго арналып, алардын ортосундагы жандуу, ар дайым кыймылдагы өзөктүү проблемалар көлөкөдө калып жаткандыгы, натыйжада философия ыраатту өнүккөн илим эмес, бүкүлү, жансыз бөлүктөрдүн жыйындысына айланганы айкындалат.

Бул козголгон илимий-теориялык проблемалар зарылдык менен кокустук категорияларынын эволюциялык маңызы менен байланышта каралат.

**«Протофилософиянын структурасындагы зарылдык жана кокустуктун мифтик формалары (проблеманын генезиси)»** аталган экинчи параграфта иликтөөгө алынган илимий объектинин алгачкы тарыхый формалары, алардын предметтүү-образдуу мүнөзү адам аң-сезиминин эволюциясынын контекстинде талданат. Байыркы дүйнөкараштын формасы – алгачкы общиналык синкретизмдин табиятына куюлма, ажырагыс биримдик (слитность); рудименттин, баштапма билимдин, эмоция менен эрк-кыймылдын бөлүнбөс бүтүндүгү мүнөздүү экендиги дааналанат. Мифтик «ойломдо» позитивдүү, илимий көрүнүш менен кыялданган фантастикалык элестер өз ара куюлушуп кеткен, ушуну менен анын антропоморфтук, символисттик, ошондой эле изоморфтук табияты түшүндүрүлөт.

Мифология жана рудименттер – философиянын түпкү булактарынын бири, ошондуктан «зарылдык» менен «кокустук» категорияларынын генезиси да мына ушул феномендер менен байланыштуу. Демек, адам баласынын эң жогорку жан-касиети анын табияттан жаңы бөлүнгөн макулук кезегинде же жапайылыктын төмөнкү баскычында түптөлө баштаган. Аң-сезим жогорку ойлом деңгээлине жеткенге чейин предметтүү дүйнөнү сезим-туюм, баёо-баам аркылуу кабылдоо менен байланышкан баскычты басып өткөн. Мифий элес - синкреттүү үч курамдын – табияттын, жандүйнөнүн, рухтун (кийин булардан турмуш диалектикасынан улам өнүп чыккан искусство, дин, философиянын) ажырагыс бөлүгү. Ал – белгилүү бир табигый-коомдук процесстерге эс-

акылдын рефлексиясы, бирок ал конкреттүү-тарыхый кубулуш катары ыңгайга жараша улам бир жагдай аспектиси такталып келаткан феномен.

Мифтик аң-сезимдин башаты же зарылдык менен кокустуктун мифий формаларынын башаты иррационалдуулук эмес, анткени анын түпкүрүндө социалдык кыймылдын бирден бир өктөм фактору байыркы пенде муктаждыгы орун алган. Байыркы аң-сезим торолгончо ал кайталанма кубулуштарга тап бере албай, мажес абалда болуп, бара-бара гана катаал турмуш капшабына ыңгайланышып жашоого үйрөндү. Ыңгайлашуу, ыкташуу, үйрөнүү – тааным башаты, удаалаш келген кубулуштар бирине-бири өбөлгө-жөлөк (себеп) болорун баёо сезим менен туя билгенден себеп-натыйжалык (зарыл, кокус мүнөздөгү) мамилелердин ажаты ачылган. Миф чабал коомдук өнүгүштүн натыйжасы катары түшүнүктөр менен эмес, элес аркылуу логикалык операция жасайт, Гегель адилет белгилегендей, ал – өз алдынча турукташа албаган чабал ойдун көрүнүшү, анын предметтик-практикалык мүнөздөгү ой-курам конструкциялары сезим менен чектелип, абстрактык-теориялык деңгээлге көтөрүлө алган эмес. Байыркы инстинктүү адам табиятты өзүнө окшоштуруп, социотабигый кубулуштарды «жандандырат». Адам сымал жанкасиетке, зор кубат-күчкө ээ болуп, үстөмдүк кылган нерсе-кубулуштар Укмуштуудай Зарылдыкты элестетет, мындай кубаттуу Зарылдыктардын комбинациясы дүйнөтүзүлүштүн туткасындай көрүнөт. Зарылдык-кокустуктун тотемдик, фетиштик, трансценденттүү рок (тагдыр) формалары диссертацияда байыркы индус, кытай, кыргыз мифтери аркылуу конкреттештирилет. Кыргыздардын «теңирчилик» жөнүндөгү түшүнүгү да белгилүү деңгээлде «тагдыр», «жазмыш» феномендери менен үндөш, анын терең мааниси - эки дүйнөнү (ай үстүндөгү, ай астындагы) жалгаштырып турган пенденин турмуш-турпаты аалам менен киндиктеш экендигинде. Көк-Теңирди ыйык тутуп, анын ырайымын тилеген элдин мүдөөсү – пенделик муктаждыкты мүмкүнчүлүктүн чен-өлчөмү менен айкалыштыруу; кем-карчын бүтөп, бөксөсүн толтурууга ишаарат кылып, тектүүдөн тээк-жөлөк күтүү, анын жердеги кичирейтилген копиясы. Ушул эле логикалык алкакта мифологиялык зарылдыктардын Байыркы Грециядагы формалары «мойр», «ананке», «дике», «тюхе» түшүнүмдөрү; дүйнөтүзүлүштүн космогониялык проекциялары; «партиципация» (Леви Брюль) кубулушу; эмоция менен образдуулукка таянган диний ишеним «абсолют» проблемасынын контекстинде анализденет.

Философиянын башаты – философема же диний-мифологиялык мүнөздөгү ой-тааным, протофилософиянын байыркы мезгилде табияттан сырт турган күчкө айланган маңыздык маселеси – адам ишмердүүлүгү. Адамдаштырылган болмуштан, адам кейпиндеги зарыл-кокус кубулуштардан байыркылар өздөрүн «издеген», алардын дүйнө картинасында иликтөөгө алынган обьект предметтүүлүгү менен айырмаланган.

**«Антикалык диалектикадагы демифтешкен зарылдык жана кокустук»** (III глава) – ойдун ой экендигин, накта статусун аныктоого, объект-субъектинин кыябын келтирүүгө, аң-сезим менен болмуштун өтмө-катар байланышын натыйжалуу аңдай билүүгө багыт алган антик философторунун окуулары - изилдөөнүн объектисинин алкагында тарыхый-философиялык булактардын негизинде иликтенет.

«Зарылдык менен кокустуктун антиномиялык концепциялары» деп аталган параграфтын өзөктүү проблемасы - абдериттик жана платондук линиялардын диалектикасы, анын грек-рим философиясынын калыптанышы менен болгон байланышы. Маселенин теориялык башаты, диалектиканын чордону - кыймылдын табиятын толук аңдай албаган милеттиктердин субстратташтырылган субстанция идеясында. Иондук жана Эфестик ойчулдарды «архе» проблемасы, Гераклиттин маңызы чийки кыймыл жөнүндөгү ойлору, сан жөнүндөгү абстракция, (Пифагор) ксенофандык жалпылык, пармениддик барабарлаштыруу (тождество) концепциясы, Зенондун негативдүү диалектикасы, Эмпедокл, Анаксагор, атомисттердин философиялык пикирлери антикалык мажес-материалисттик, субъективдүү жана объективдүү диалектиканын негизин түзгөн. Субъектиден сырт дүйнөнү сын көз менен кароодон башталган антикалык диалектикада мазмун-багыты боюнча карама-каршы пикирлер ой жүгүртүүнүн объектисине айланат. Диний-мифологиялык дүйнөкараш ой менен нерсенин карама-каршылыгын сырткы (кандайдыр үчүнчү) күч менен байланыштырса, рационалдуу диалектика объективдүү карама-каршылыкты фиксациялайт. Демифтешкен антикалык диалектикада зарылдык менен кокустук табият-турмушка тутумдаш логиканын формалары катары каралып, алардын интерпретацияланышына жараша антиномиялык концепциялар түзүлгөн.

Антикалык атомистика объективдүү зарылдык түшүнүгүн аң-сезимдин алкагынан сырт дүйнөгө алып чыгып, элеаттардын аморфтуу болмуш менен байланышкан метафизикасын четке кагат. Элеаттар дүйнөтүзүлүштү субстанциялаштыруу ниетинде «кыймылсыз болмуш» түшүнүгүн сунуш кылышса, атомисттер (Левкип, Демокрит, Эпикур) тынымсыз кыймылдагы сансыз субстанциялар жөнүндөгү окуусун иштеп чыгышты. «Атомдор» Пифагордун сандарын, Пармениддин абсолюттук болмушун элестетсе, «боштук» элеаттардын терс болмушуна үндөш. Пифагорчулардын дуалисттик чектүүлүк менен чексиздиги - тезис, элеаттардын абсолюттук болмушу - антитезис, ал эми атом менен боштук - синтез. Демокрит кокустуктун маанисин танбаса да, зарылдыкка басым жасап, Эпикур атомдун жантаюусу жөнүндөгү окуусу менен ой учугун бүгүнкү синергетикага багыттайт. Алардын пикири боюнча реалдуу нерселер - түшүнүктөрдүн түп булагы, зарылдыктын онтологиялык негизи - нерсеге айланган атомдордун курамы, боштук жана кыймыл. Зарылдык категориясынын өзөктүү касиеттери - чексиздиги, түбөлүктүүлүгү да ушуну менен түшүндүрүлөт. А.Н.Чанышев белгилегендей, Демокрит зарылдыкты себептүүлүк менен алмаштырбайт, ал себеп-натыйжалык

мамилелердин зарыл мүнөзүн баса көрсөтөт. Демокрит дээрлик көпчүлүк эмгектерде белгиленип жүргөндөй кокустукту танбайт, тагдырдын катаалдыгын танат. Бул концептуалдык чаташуунун жөнү «тюхе» терминининин «кокус» жана «тагдыр» түшүнүмдөрүн туюндурган кош маанилүүлүгүндө. Абдерит кокустукту телеологияга каршы койгон: анын негизин себептик катарлардын (причинных рядов) кесилиши менен байланыштырган. Кокустук - атомдордун кыйшайып кыймылдашынан улам жаралган объективдүү реалдуулуктун касиети (Эпикур). Антикалык атомистика демифтешкен зарылдык менен кокустукту онтологизациялап объективдештирди.

Субъективдүү диалектика грек-рим философиясында софистика (Пифагор, Георгий) жана сократиктер менен байланыштуу. Сократка чейинки ойчулдар «апагоге» деңгээлине көтөрүлө алган эмес, ал эми сократиктер түшүнүктөрдү иштеп чыгууну олуттуу проблемага айлантып, диалектиканы чындыктын куралы катары пайдаланышкан. Сократтын бул линиясы Платон тарабынан өнүктүрүлдү, ал Пифагор, Гераклит, Кратилдин ойлорун, жалпы түшүнүктөр, аныктамалар жөнүндөгү концепцияны (Сократ) улантып, объективдүү диалектиканы жаңы баскычка көтөргөн. Платондун «үңкүр теориясынын» («Мамлекет» диалогу) пафосу «эйдос»-өзүнчө субстанцияга айландырылып, объективдештирилген түшүнүк. Эйдос-идеялар актуалдашып, объективдүү реалдуу нерсеге айланат, демек, дүйнөтүзүлүштүн субстанциясын, анын пикири боюнча, стагириттик форма менен үндөш идея түзөт. Нерселер дүйнөсү - идеялардын көчүрмөсү же өзүнүн сөзү менен айтканда, «чындыкка окшошкон миф» («Тимей», 29). Платон анаксагордук «нусту» демиургга айландырат, ал атомистика жана субъективдүү диалектикага жооп иретинде объективдештирилген окууну жаратат. Ал жалпылык менен жекеликтин диалектикасын өзүнчө чечмелейт: өзгөрүлбөс жалпылыкты зарылдык, ал эми өзгөрмөлүү, өтүп кете турган жекеликтерди кокустук катары мүнөздөйт. Платон абдериттик зарылдыкка объективдүү-идеалисттик маани-мазмун берип, аны кандайдыр трансцендентке айлантат, абсолютташтырат, анын системасында космологиялык зарылдык – объективдүү, Биримдүүлүктүн, Акылдын, Жандын көрүнүшү. Парадокс, бирок факт, сөз конкреттүү материалдык түзүлүштөр жөнүндө болгондо ал демокриттик линияга жакындап барат. Кокустук Платондун пикиринде тартипке салынбаган, башаламан, максатсыз нерселер менен түшүндүрүлөт. Ошентип, антиномиялык концепциялардын бири зарылдык менен кокустукту онтологизациялап объективдештирсе (атомистика); экинчиси, тескерисинче, аларды идеялизациялап объективдештирет.

**«Зарылдык кокустук категорияларынын предметтүү мазмуну жана логикалык табияты (стагириттик концепция)»** - бул главанын Аристотелдин окуусуна арналган бөлүмү. Предметинен обочолонуп ажырап, субстанциялаштырылган идея кандайча өз алдынча статуска ээ болуп, нерселер менен кыналат, биригет; эгерде идея нерсенин маңызын



түзсө, анда кантип маңыз менен кубулуш эки башка өкүм сүрөт өңдүү мурдагы концепцияларга тиешелүү логикалык карама-каршылыктарды Стагирит сынга алып, реалдуу нерселер менен жалпы формаларды объективдештирет. Бирок анын пикиринде дүйнөтүзүлүштүн маңыз-субстанциясын түзгөн эки башталма - форма менен материянын активдүүсү-форма, ал Башсебептин кийлигишүүсү менен конкреттештирилет. Башсебеп-Башкыймылдаткыч, формалардын булагы, акыл ойдун кенчи-абсолюттуу зарылдык, анткени ал эч нерсеге көз каранды эмес, өзүн өзү аныктайт. Бул пикир бүгүн кызуу талкууланып жүргөн Абсолют проблемасы менен үндөш, маанилеш, себеби ал да өз курамына камтып турган бардык аныктамалардан эркин. Материя - мүмкүн-негиз, форма менен кошулуп маңыздуу чындыкты түзөт. Стагирит ой жүгүртүүнүн логикалык формаларын систематизациялоо аркылуу категорологиянын өнүгүшүнө омоктуу салым кошуп, анын негизги суроосун төмөндөгүдөй позитивдүү чечмелейт: логикалык формалар объективдүү дүйнөнүн субъективдүү көрүнүшү.

Аристотель масштабдуу ойчул катары дүйнөтүзүлүштүн жаралышы зарыл-кокус кубулуштар менен байланыштуу экендигин негиздейт. Эгерде зарыл-маңыздын себеби имманенттүү болсо, кокус-маңыздын негизи - зарылдык катары мүнөздөлгөн себеп-маңызда. Концептуалдык жактан жеткилең иштелип чыкпаса да, бул чакан фрагментте зарылдык менен кокустуктун диалектикасы камтылган. Өзүнүн «Метафизикасынын» V главасында ойчул зарылдыктын субъект-объективдик касиет-белгилерин аныктайт: ансыз жашай албай турган нерсе; аны болтурбай коюу мүмкүн эмес; субъектиге баш ийбейт, объективдүү; башкача эмес, дал өзүндөй ишке ашат. Зарылдык категориясы болмуш-чындыктын төмөнкү аспектилерин туюндурат: абсолюттук зарылдык; Башкыймылдаткычтын зарылдыгы; материалдык зарылдык - материя жана анын кыймылы; идеялык зарылдык - форма жана максат. Ал материя жана анын кыймылын зарылдык катары мүнөздөп, бирок аны «энтелехия» түшүнүгү менен байланыштырат.

Стагириттин концепциясына ылайык, кокустук регулярдуу, туруктуу эмес жана зарылдыктан улам ишке ашпайт: ал ички эмес, сырткы себептер менен шартталып «болушу да, болбошу да мүмкүн». Зарыл эмес, бирок мүмкүн, болуп-болбой турган, «келип-кетүүчү» окуялар - кокустук. Кокустук - карама-каршылыктардын аракетинин натыйжасы, ал эми каршылык - жалпы өзгөрүүнүн себеби, негизи. Мурда белгиленген «дал келүүчү себептик мамилелерден» жаралган кокустукту Аристотель Демокриттен айырмаланып, телеология менен байланыштырат. Бирок стагириттик «максаттуулуктун» терецинде онтологиялык негиз бар, ал - мыйзам ченем менен шартталган зарылдык, демек, анын «энтелехиясы» диалектикалык мүнөзгө ээ. Кокустук категориясынын мүнөздөмөлөрү: аны негиздеген себептик мамилелердин белгисиздиги; туруктуу, регулярдуу эмес, көпчүлүк учурда болбой турган нерсе; ал себептик катарлардын

кездешүүсүнөн улам пайда болот. Аристотелдин философиялык системасында зарылдык жана кокустук предметтүү мазмунга ээ логикалык каражаттар катары интерпретацияланат.

**«Чыгыш перипатетизминдеги антикалык категорологиянын өнүктүрүлүшү»** деген III глава орто кылымдардагы негизги философиялык, багыт - чыгышперипатетизминин категориялык системасындагы зарылдык менен кокустуктун логика-гносеологиялык маңызы илимий чөйрөгө кеңири белгисиз тарыхый-философиялык материалдардын негизинде комплекстүү анализденет. Аталган главанын **биринчи параграфы «Чыгыш перипатетизми жана анын категориялык системасы»** деп аталып, эки проблеманы камтыйт: чыгыш перипатетизми философиялык багытынын ошол мезгилдеги социомаданий контексттеги орду жана метафилософиялык мааниси; алардын категорологиясынын мазмуну жана формасы. Чыгыш перипатетиктеринин башка окуулардан (калам, суфизм ж.б.) айырмасы-Аристотелдин системасын жаңы мезгил-кырдаалга жараша өнүктүргөндүгүндө. Алардын категориялык системасы саны жагынан чектелгени менен (он) концептуалдык-мазмундук алкагы жагынан алда канча кеңири. Перипатетик ойчулдардын (Аль-Кинди, Аль-Фараби, Ибн Сина, Ибн Рушд) категорологиясы түпкү-теги, негизи боюнча объективдүү реалисттик багытта, анткени андагы «биринчи маңыздар» (объективдүү нерселер) - «экинчи маңыздардын» (жалпы түшүнүктөр) булагы, категориялар - көпчүлүк маңыздарды камтыган болмуштун эң жогорку теги. Жалкы (жеке) нерсе универсалийлер аркылуу аңдалат, ал эми жалпы нерселер жеке нерселер (конкреттүү материалдык түзүлүштөр) тарабынан шартталган. Алардын пикири боюнча «жеке субстанциялар аңдалып-тескелиш үчүн, универсал субстанцияга муктаж, ал эми универсал субстанциялардын болмушу жеке субстанцияларга байланыштуу». Ар бир категория гносеологиялык статуска ээ, анткени алар конкреттүү мазмун аркылуу кандайдыр билимди туюндурат жана логикалык каражат катары ой жүгүртүү процессинде пайдаланылат. Категориялар - чыгыш ойчулдарынын пикирине ылайык конкреттүү жеке нерселерди акыл-эс аркылуу абстракциялоонун натыйжасында пайда болгон түшүнүктөрдүн эң жогорку теги. Мазмун-формалык диапозону боюнча кеңири категория-субстанция: субстраттан сырткары турган бардык нерселер; ал башка кубулуштарга көз каранды эмес маңыз. Субстанция - ички жана сырткы касиеттердин биримдиги катары кандайдыр бир бүтүндүк, бардык нерселердин маңызы, ал материя жана форма аркылуу конкреттештирилип турат.

Диссертациянын бул бөлүгүндө чыгыш перипатетиктеринин **«субстанция»**, **«сапат»**, **«сан»**, **«кыймыл»**, **«мейкиндик»**, **«мезгил»**, **«абал»**, **«ээлөө»**, **«аракет»** жана **«мээнет»** категорияларынын мазмуну, формасы жана концептуалдык мааниси диалектикалык логиканын контекстинен талдоого алынат. Негизинен перипатетиктердин системасында категориялар гносеологиялык жактан болмуштун



универсалдуу тектерин чагылдырып, **«биринчи»** жана **«экинчи»** болуп **бөлүнүшөт. Биринчи түшүнүктөр объективдүү нерселер менен түздөн-түз, байланыштуу жана сезим-туюм аркылуу жалпыланган субъективдүү образ**, ал эми экинчиси - биринчи түшүнүктөрдү жалпылап, алардын өз ара мамилесин туюндурат. Ибн Синанын пикири боюнча жалпы түшүнүктөрдүн болмушу акыл-эсте, ал эми анын негизи - акыл-эсте менен нерселерде. Түшүнүктөр, категориялар объективдүү чындыкты чагылдыруу, туюндуруу менен аң-сезим ой жүгүртүү аркылуу аңдалат, себеби «таанылa элек бардык нерселердин аңдала турган жолу бар». Перипатетиктер негизинен категориялардын онтологиялык жана гносеологиялык статустарын адекваттуу түшүнүшкөн, алардын концепциясына ылайык, жалпы түшүнүктөр-нерселердин, дүйнөнүн жактарын, мамилелерин, байланыштарын (биринчи катардагы түшүнүктөр аркылуу) туюндурган эс-акыл образдары; алардын конкреттүү системасы белгилүү деңгээлде субординация принцибине ылайык келет.

**«Чыгыш перипатетизминдеги зарылдык менен кокустуктун маңызы жана диалектикасы»** деп аталган параграфта иликтенген объектинин концептуалдык мазмуну, логикалык ийкемдүү табияты ойчулдар тарабынан кандайча интерпретацияланганы дааналанат. Перипатетиктер зарылдык менен кокустукту «маңыз» жана «акциденция» түшүнүктөрү менен тыгыз байланышта карап, зарылдыкты маңыздуу, ал эми кокустукту акциденциялык кубулуш катары чечмелешет. Маңыз менен шартталган зарыл кубулуш - туруктуу, кайталанма; акциденция менен негизделген кокустук тескерисинче туруктуулукка ээ эмес. Нерсе-кубулуштардын өздөрүнүн ички имманенттүү табияты менен шарттальшын алардын зарылдыгы мүнөздөйт. Себеп-натыйжалык мамилелер менен шартталган зарылдык башкача абалга өтүп, өзгөрүп кетиши мүмкүн эмес. Ибн Рушддун пикирине ылайык, зарылдык үч маанидe колдонулат: материядан улам пайда болгон - мүмкүн эместик; тандап алууга жол бербеген мажбурлоо; белгилүү бир сапаттын кандайдыр нерсеге сөзсүз таандыгы. Ушул белгиленген маңыздуу касиеттер зарылдыктын «башкача болбой, дал өзүндөй гана болуусун» шарттап турат. Аль-Фараби предметтик дүйнөдө зарылдык менен бирге, кокустуктун өкүм сүрүшүн табигый иш деп ырастайт. Акциденталдуулук (кокустук) тигил же бул объектинин негизги касиети эмес, ал болгону объект кабыл алган нерселердин маңызы, ошондуктан туруктуу эмес. Перипатетиктер кокустуктун жаралыш негизин аныктап, аны ар кыл багыттагы (мазмундагы) кубулуштардын айкалышуусунан издешкен.

Чыгыш перипатетиктеринин системасындагы зарылдык менен кокустуктун типтерин төмөндөгүдөй классификациялоого болот: өтө жалпы мүнөздөгү кеңири зарылдык; анчалык жалпы мүнөзгө ээ болбогон зарылдык; толук зарылдык; толук эмес зарылдык; терең мазмундуу зарылдык; анчалык терең мазмундагы эмес зарылдык; ыңгайлуу кокустук (зарылдыкты тездетет); ыңгайсыз кокустук (зарылдыкты басаңдатат).

Перипатетик ойчулдар зарылдык менен кокустуктун диалектикасын «бир эле кубулуш бир эле учурда конкреттүү шартка байланыштуу зарылдык да, кокустук да болушу мүмкүн»; «карама-каршылыктардын өз ара аракети зарыл, кокус кубулуштарды жаратат» өңдүү тезистердин контекстинде интерпретациялашкан.

**«Зарылдыктын жана кокустуктун акциденциялык жана абстрактуу-образдуу рекомбинациялары»** деп аталган IV глава изилдөөнүн объектисин контексттик иликтөөгө алып, анын кайсы бир деңгээлдеги маанилеш логикалык формалар менен байланышын жана абстрактуу-образдуу кубулуштар аркылуу көрүнүшүн аңдоого арналган. Бул главанын **«Акциденциялык категориялардын логикалык импликациясы»** аттуу параграфында зарылдык менен кокустуктун логика-семантикалык, концептуалдык жактан жакын категориялар себеп жана натыйжа, мүмкүндүк жана чындык менен болгон байланыш-алакасы аныкталып, алардын жалпылыгы, өзгөчөлүгү белгиленет. Перипатетиктердин философиялык системасында себеп-натыйжалык мамилелердин зарыл мүнөзү баса белгиленет: белгилүү себеп белгилүү натыйжанын так (сөзсүз ишке ашыруучу) өбөлгөсү; ал эми себеп менен натыйжа турмуштун бардык сферасында өкүм сүргөн кубулуштар, материалдуу дүйнөдө себепсиз көрүнүш-нерселер болбойт. Себеп-натыйжалык мамилелерди окшоштуктардан, аналогдордон ажырата билүү - таанып процессинин негизги талабы. Перипатетиктер себеп-натыйжалык мамилелердин зарылдыгын трактовкалоодо өздөрүнө чейинки мутазилиттердин доктринасына кайчылаш позицияда турушкан. Себеп менен натыйжанын өз ара, өтмө-катар байланышы, алардын бирин-бири коштоп, шарттап турган касиети зарылдык категориясы менен мүнөздөлөт: себепсиз натыйжа, натыйжасыз себеп болбойт.

Перипатетиктердин антиконтингенттүү концепциясы азыркы мезгилдеги неотомизм жана экзистенционализмдин (Р.Жолива, Ж.Маритен, В.Мюллер ж. б.) жана ашариттердин «жаратылыш имманенттүү зарылдыкка ээ эмес, жараткан тарабынан аныкталган абсолюттук зарылдык гана болушу мүмкүн» деген маанидеги ойлоруна каршы багытталган. Перипатетиктер менен теологдордун (аль-Газали) ортосундагы талаш маселе - себеп-натыйжалык мамилелердин зарыл мүнөзүн табигый объективдүүлүк же жараткандын амири менен байланыштыруу. Ибн Рушд ашариттердин пикирин чечкиндүү четке кагып, нерселердин өз ара байланыш-мамилеси табигый зарылдык менен түшүндүрүлөөрүн ырастайт. Негизинен, чыгыш ойчулдарынын пикири боюнча, зарылдык да, кокустук да себеп-натыйжалык мамилелер менен түшүндүрүлөт, аталган категориялар бири-бирин концептуалдык жактан мүнөздөп, логикалык жактан толуктап турат.

Перипатетиктер Платондун системасындагы «идеялар дүйнөсү» менен «нерселер дүйнөсүнүн» ортосундагы карама-каршылыкты чечүү максатында болмушту «мүмкүн» жана «айкын» деп экиге бөлүшөт. Алар дүйнөтүзүлүштүн субстанциалдык иерархиясын туюндуруу үчүн «мүмкүн-негиз» жана «зарыл-негиз» түшүнүктөрүн иштеп чыгып, зарылдык менен кокустуктун жана мүмкүндүк менен айкындыктын диалектикалык байланышын таасындашкан. Мүмкүндүк - айкындыктын актуалдаштырылбаган абалы, анын онтологиялык негизи - биринчи материя. Кандайдыр бир маңыз алгач мүмкүндүк абалында болуп, кокустукту камтып турат: анткени анын актуалдашары же актуалдашпасы белгисиз; бирок ал себеп-натыйжалык мамиленин аракти менен зарыл-маңызга айланат.

Перипатетиктер өз негизин өзүндө туткан айкындык - зарыл-маңыздан тышкары «өзгө аркылуу зарыл негиз» түшүнүгүн иштеп чыгып, аны материалдуу дүйнө менен байланыштырышкан. Ошентип, алгач кокустук абалында турган «мүмкүн-маңыз» актуалдашып «зарыл-маңызга» айланат. Ал эми мүмкүндүктүн кокустугу материянын тигил же бул форманы кабылдоо жөндөмдүүлүгү менен түшүндүрүлөт.

Диссертациянын бул бөлүмүндө перипатетик-ойчулдардын, ошондой эле мутакаллим, мутазилиттердин зарылдык менен кокустук категориялары менен логикалык импликациядагы «себеп-натыйжа», «мүмкүндүк-чындык», «зарыл-маңыз», «мүмкүн-маңыз», «өзгө аркылуу зарыл-маңыз» сыяктуу түшүнүктөрү конкреттүү тарыхый-философиялык материалдын жана ойчулдардын табигый кубулуштар тууралуу илимий концепцияларынын негизинде анализденип, алардын логика-гносеологиялык маанилери такталат.

**«Зарылдык менен кокустуктун абстрактуу-образдуу формалары»** аттуу бул параграфта аталган категориялардын концептуалдык маани-мазмуну көркөм-образдык контексте анализденет. Өзөктүү проблеманын алкагын кеңейтүү жана Кыргызстандын орток Чыгыш маданиятына интеграцияланышына ыпануу максатында ойчул-акын Жусуп Баласагындын көркөм-философиялык мурасы «Кут билимде» камтылган зирек ойлор иштин ички логикасына ылайык талданат.

Көркөм жалпылоолордун философиялык угуту бар, объект-субъект карым-катнашы, болмуштун түйүндүү жагдайларынын аң-сезим аркылуу кабылданып, «субъективдүү фактыга айланышы» ой жүгүртүү формалары аркылуу гана эмес, фантазия, элестетүү, кыял, көркөм иликтөө аркылуу да аңдалат, ошондуктан адабий каражаттар көркөм функция менен бирге, кай бир деңгээлде логикалык милдетти аткарат. Жусуптун поэтикалык мурасы - табияты боюнча татаал, бирок активдүү, чыгармачыл мүнөздөгү таанып процессинин үзүрү. Көркөм каражаттар, образдар системасы алардын мазмунуна сиңирилген дүйнөкараштык концепттер - белгилүү деңгээлде зарылдык менен кокустуктун поэтикалык формадагы көркөм репродукциясы: кокус абстракциялар аркылуу зарылдыкты аңдай билүү менен дүйнөтүзүлүштүн татаал сырлары туюндурулат. Анткени философия да, поэзия да турмуштук уюткудан улам таанып процессинде топтолгон гносеологиялык кыртыштан азыктанып, реалдуу көрүнүш-

кубулуштарды жалпылоолорго негизденет. Ушундан улам Жусуп ойчул адам турмушу, жашоо маңызы жөнүндө ой-толгоодо жалпы эле дүйнө, аалам түзүлүшүн сүрөттөп, өзүнүн түшүнүк-түшүнүмдөрүн көркөм ыкма менен туюндурат. Анын ою боюнча, дүйнөтүзүлүштүн пайдубалын, зарылдыктын онтологиялык негизин төрт башталма (от, суу, аба, жер) түзөт. Бул башталмалардын ар кандай кошулмасынан түрдүү материалдык түзүлүштөр жаралат, демек, тутумдаш кубулуштардын тең салмактаган жалпы негизи - мыйзам ченемдүүлүк, зарылдык. Коомдук турмуш зарыл башталма катары туюндурулган төрт касиеттен - Адилдиктен, Эс-акылдан, Бакыттан жана Топукчулуктан турат. Аалам, Коом, Адам - үч биримдигинин зарылдыгы, карым-катнашы төрт элементтин жана төрт этикалык башталманын жалпылыгы менен түшүндүрүлөт.

Ойчул-акындын чыгармасындагы «универсалдуу акыл-эс», «индивидуалдуу акыл-эс», «билим» түшүнүктөрүнүн концептуалдык мазмуну зарылдык менен кокустуктун контекстинде анализденип, көркөм каражаттар аркылуу жалпыланган ойлордун тутумунан дүйнөтүзүлүш, андагы адамдын орду жөнүндөгү ырааттуу концептуалдык система реконструкцияланат.

**«Зарылдык жана кокустук диалектикалык логиканын контекстинде»** - V глава – иликтөө объектисинин диалектика-логикалык жана синергетикалык формаларын анализдөөгө арналган.

Тарыхый-философиялык тааным процессин филогенездик эпистемология иретинде кароо (абстракциялардын биримдигин түзгөн конкреттүү бүтүндүктү изилдөөнүн таяныч жобосу катары аныктоонун ички имманенттүү логикасы) иликтөө объектисинин, проблеманын теориялык жогорку формасын-диалектика-логикалык концепцияны аныктоону талап кылат. Ушундан улам диссертацияда логиканын жогорку диалектикалык формасынын эволюциясы философия тарыхындагы Жаңы мезгилден баштап анализденет. Диний догматтын (авторитеттин) ички карама-каршылыгынан арылуу максатында логиканы пайдалануу-түшүнүк-категориялардын, анын ичинде зарылдык менен кокустуктун онтологиялык аспектилерин дааналаган. Декарт рационалисттик традицияны улантып, акыл-эстин артыкчылыгын баса белгилейт, анын философиясын, айрым изилдөөчүлөр белгилеп жүргөндөй «имманенттүү жана трансценденттүү догматизм» деп мүнөздөө жөнсүз. Спинозанын «субстанция» категориясы «causa sui» принциби аркылуу абсолюттук зарылдыкты негиздеп, кокустукту тиешелүү билимдин чектелгендиги менен түшүндүрөт. Лейбництин «монаддары» түшүнүккө өз алдынча субстанциялык мүнөз берип, зарылдыктын кокустук катары көрүнүшүн, кокустук менен аны шарттаган факторлордун байланышын аныктайт. Ф.Бэкондун демокриттик линиясын Гоббс улантып, эмпирикалык багытты өнүктүрөт, тажрыйбаны (зарылдыктын негизи катары) эки бутак (сырткы туюм - sensation жана ички психикалык байкоолор - reflektion) менен мүнөздөйт. Гольбах Спинозага таасирленип, зарылдыкты маңыз



(субстанция) менен байланыштырат, кокустукту билимдин чектелгендиги менен түшүндүрөт. Беркли зарылдык менен кокустуктун объективдүү мазмунун танса, Юм аларды толук субъективдүү феноменге айландырат.

Философия тарыхындагы Жаңы мезгил зарылдык менен кокустуктун диалектика-логикалык (Кант, Фихте, Шеллинг, Гегель, Маркс) жактан негизделишине өбөлгө болду. Вольфтун «нерселик субстанциясы» же «бейаң метафизикасы» жана Юмдун скептицизми четке кагылып, логикалык формалар аподиктивдүү априорийлер мүнөзүнө ээ болот. Априориялуу категорология (Кант) зарылдык менен кокустукту тажрыйбанын алкагынан чыгарып, аларды трансценденталдык апперцепциянын логикалык каражаттарына айландырат. Кийинчерээк, Канттын шакирти Фихте «өздүк нерсени» танып, таанып-билүүчү субъектиден тышкары эч нерсе жок деген пикирин сунуш кылат. Фихтенин трансценденттүү апперцепциясы анын «мен - бул мен» жобосуна негизденет: «мен» менен «мен эмес» ажырагыс биримдикте; «мен» «мен эмести» камтып турат. Объективдүү дүйнө - «мен эмес», демек, анын башаты - субъективдүү аң-сезимде, ал («мен эмес») - «мендин» диалектикалык таанылышы. Фихтенин оюн улап, Шеллинг таза «мен» менен индивидуалдуу аң-сезимдин карама-каршылыгын субъектини объективдештирүү аркылуу чечет. Фихте, Шеллингдин философиялык линиясын улантып, диалектикалык логиканы жаңы баскычка көтөргөн Гегель философиялык өнүгүүнү универсалдаштырды. Формалдуу, относителдүү, реалдуу жана абсолюттук зарылдыктар аныкталып, алардын ар бирине тиешелүү кокустуктун концепттери - чыныгы болмуш (мүмкүндүк) менен анын конкреттүү, түздөн-түз өкүм сүргөн айрым бир көрүнүшү болгон конкреттүү болмуштун (чындык) карым-катнашы аркылуу мүнөздөлөт. Аныктала элек мүмкүндүк менен чындыктын өз ара мамилеси формалдуу зарылдыкты туюндурса, алардын кокустук аркылуу аныкталышы реалдуу мүмкүндүк менен относителдүү зарылдыкка өбөлгө түзөт. Салыштырмалуу зарылдыктын өзү тарабынан рефлексияланышы абсолюттук зарылдыкты (абсолюттуу мүмкүндүк жана чындык) пайда кылат. Гегелдин философиялык системасында кокустук-чындык, бирок бир эле убакта ал - өзүнүн карама-каршылыгын камтыган мүмкүндүк катары аныкталган чындык. Демек, кокустук, биринчиден, башка мүмкүндүккө да эгедер түздөн-түз чындык, ошондуктан өз негизине ээ эмес; экинчиден, ал мүмкүн иретиндеги чындык, анткени анын негизи өзүндө эмес, бөлөктө.

Диалектиканын, анын формалары--категориялардын философия-лык маңызын толук адекваттуу аңдап, аларды конкреттүү тармакта илимий дыкаттык менен колдонуунун үлгүсү -- Маркстын «Капиталы». Маркс материалисттик диалектиканын негиздөөчүсү, анын диалектикасы же тарыхты материалисттерче түшүнүү түпкүлүгүндө эки башка илимий тармак же эки башка теория эмес, алар - бири-бири менен ажырагыс байланыштагы бир эле окуунун эки аспектиси. Маркстын диалектикасы --

мазмуну боюнча эмес, булагы, формасы боюнча гегелдик диалектиканын антиподу.

«Капиталдын» «зарылдык» менен «кокустуктун» өтмө-катар байланышын, диалектикасын дааналаган негизги методдорунун бири - абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, чыгуу (восхождение).

Диалектикалык логиканын калыптанышы менен «зарылдык-кокустук» концепциясына чекит коюлбайт, тескерисинче, биз жогоруда ынангандай, алардын өр тарткан ой жүгүртүүнүн тереңдеши менен коштолгон татаал табиятын теориялык жактан иликтөө, алардын куюлушкан өтмө-катар байланышын, диалектикасын ачыгыраак тактоо; маңыз-мазмунун жаңы илимий-жетишкендиктерге таянып-тастыктоо көп аракеттерди талап кылуучу келечектүү проблема. Кийинки мезгилде күн тартибине курч коюлган теориялык маселе - синергетика проблеманын дал ушундай коюлушун негиздеп турат.

«Зарылдык менен кокустуктун синергетикалык реконструкциясы жана логика-гносеологиялык маңызы» деп аталган параграф - изилдөөнүн жыйынтыктоочу бөлүгү.

Зарылдык жана кокустуктун диалектикасы соңку мезгилдерде табигый илимдердин жетишкендиктери аркылуу конкреттештирилип, алардын карама-каршылыктары абсолютташтырылган көз караштардын онтологиялык жактан орунсуз экендиги ынанымдуу далилденүүдө. Ошондой эле, зарылдык менен кокустуктун диалектикасы, алардын ажырагыс биримдиги конкреттүү табигый илимдердин ар кыл тармактарынын гносеологиялык жалпылыгын аныктоого данакер болуп, салыштырмалуу жаңы табигый-гуманитардык мүнөздөгү проблеманын - синергетиканын калыптанып-өнүгүшүнө түздөн-түз таасир берген өбөлгөлөрдү түздү. Кийинки кездерде айрыкча күч алган бул салыштырмалуу жаңы универсалдуу илимий багыттын өнүгүшүнө конкреттүү табигый - так (математика, физика, химия, биология ж.б.) жана гуманитардык (философия, экономика, психология ж. б.) илимий тармактардын тааным жаатындагы ийгиликтери түрткү болуп, синергетиканын өзүнүн терминин колдонгондо «дүүлүгүү резонансын» жаратты. Азыр синергетика өз мезгилиндеги Коперник, Ньютон, Дарвин, Эйнштейн, Вернадскийге тиешелүү теориялар сыяктуу масштабдуу концептуалдык мүнөзгө ээ.

Кокустук-синергетика үчүн белгилүү бир кырдаалда өздүкуюмдашууну (самоорганизация) камсыз кыла турган негизги, өзөктүү түшүнүк. Абстракциялардын жалпы тутумун түзгөн конкреттүү табигый феномен - ал өзү пайда болгонго чейинки татаал системадагы кокустуктардын кагылышынан улам түзүлгөн өздүкуюмдашуунун натыйжасы. Тең салмактуулук, стабилдүүлүк алыстап, өзү уюмдаша баштаган системалар «термелүүдөн улам тартиптешип» (упорядоченность через колебание), И.Пригожиндин термини менен айтканда, диссипативдик (өздүкуюмдашкан) структураны түзөт. Синергетиканы



жаңы концептуалдык парадигма катары кыскача үч: сызыксыздык (нелинейность), өздүкуюмдашуу (самоорганизация) жана ачык системалар түшүнүктөрү катары мүнөздөөгө болот. Ал ачык сызыксыз системалардагы кокустуктардын табияты аркылуу жаңы сапаттык алкактын түзүлүшүн ынанымдуу далилдеп, философиялык мүнөздөгү методологиялык парадигманын жаралышына өбөлгө болду. Кокустукту зарылдык катары таанып, стабилдешкен же «дүүлүгүү резонансындагы» кокустук жаңы типтеги зарыл байланыш-мамилелерди түптөп, андан соң өзү объективдүү зарылдыктын имманенттүү моментине айланарын айгинелейт. Бирок, ошону менен бирге, синергетика философияны алмаштырбайт, анын айрым жоболорун тактап-кошумчалайт, анткени Ф.Энгельс адилет белгилегендей, болмуштун принциптеринин акыл-ойдун жардамы менен турмуштан алынышы философиялуулуктун критерийи эмес.

Синергетика салыштырмалуу соңку илимий багыт катары «аттракторлор», «бифуркация», «фракталдар» өңдүү термин-түшүнүктөрүнө ээ. Сызыксыз, теңсалмаксыз системанын багыттуулугун, максаттуулугун же кандайдыр максатка умтулушун жана анын натыйжасын (өздүкуюмдашуунун негизинде түзүлгөн объектини) туюндурган түшүнүк - «аттрактор»; альтернативалуу процесстердин бири кайткыс (необратимый) абалга айланаар (жүзөгө ашаар) алдындагы алардын ажырашуусу, бөлүнүүсү, бутактануусу башат алган момент, чекит - бифуркация; ал эми пигмент долбоордун фрагмент долбоорго дал келиши же кичирек объектилердин структурасы менен андан чоң объектилердин структурасынын дал келиши, элементтердеги бүтүндүктүн мазмуну, касиеттери- «фракталдар», «фракталдык объектилер» деп аталат. Башаламандык, тартипсиздик, кокустуктар - синергетиканын негизги жобосуна ылайык, жаңы жаралыштын, өнүгүүнүн булагы. Ар кандай объективдүү процесстер көптөгөн кокустуктар менен коштолот, бирок алар ар дайым эле байкала бербейт; объектинин сапаттык маңызына басымдуу көпчүлүк учурда таасир бере албайт. Көп кокустуктардын бири белгилүү бир учурда, шартта «суурулуп» чыгып, кескин сапаттык өзгөрүштү жаратат. Синергетика мындай кокустуктар кандайча, каптип микрообъектиден макрообъектиге көтөрүлөөрүн, кандай шарт-чөйрөдө алар жаңы мейкин-мезгилдик макроструктураны жаратарын иликтейт.

Синергетика зарылдык менен кокустуктун диалектикасын дааналайт: бир бифуркациянын чегинен экинчи бифуркацияга чейинки бир тараптуу багыттагы эволюцияда микрообъектиден макрообъект деңгээлине көтөрүлгөн кокустук чыңдалат, күч алат, б. а. флуктуация зарылдыкка айланат. Зарылдык кокустукту, кокустук зарылдыкты толуктайт. Детерминизм, кандайдыр аттракторго багыт алуу, диссипациялык процесстер менен шартталган, микродеңгээлдеги башаламандык ашык касиеттерди, элементтерди жок кылып, жаңы структураны калыптандырат. Зарылдык менен кокустуктун синергетикалык

реконструкциясы алардын карама-каршы аспект-жагдайларына эмес, өтмө катар биримдигине, бирин-бири аркылуу шартталышына басым жасайт.

Зарылдык жана кокустук категорияларынын статусунун, өз ара алакасын адекваттуу аңдоо үчүн, алардын логика-гносеологиялык маңызын изилдөө талап кылынат, анткени объективдүү диалектиканын негизги талабына ылайык, кандай гана объект болбосун, ал имманенттүү карама-каршылыктын натыйжасында ар дайым өнүгүп-өзгөрүп турат. Субъективдүү феномен катары категориялар («зарылдык», «кокустук») относителдүү өз алдынчалыкта, анткени алар онтогенези боюнча объективдүү реалдуулук менен шартталган, ошону менен бирге, алар дүйнөнү таанып-билүүдө турмуш талабына ылайык активдүү мүнөзгө ээ.

«Зарылдык» жана «кокустук» категорияларынын логико-гносеологиялык маңызы, өзгөчөлүктөрү, тарыхый-философиялык эпистемология далилдеп тургандай, адамзат проблемасынын өнүгүшү менен шартталып, төмөндөгүдөй жыйынтыктарга алып келди:

-тынымсыз өнүгүүдөгү «зарылдык», «кокустук» категорияларынын чексиздикке умтулган онтогенези объективдүү реалдуулуктан «өнүп чыгып», практикалык ишмердүүлүк аркылуу аныкталган; таанымдын конкреттүү-тарыхый формасы бул категориялардын конкреттүү-тарыхый мазмунун аныктайт;

-зарылдык менен кокустуктун мазмунундагы камтылган билим формалары практика аркылуу сырт дүйнөнү рухий өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптанат, өнүгөт; билимдин төмөндөн жогору, жөнөкөйдөн татаалга, тайыздан тереңге багытталышы диалектикалык танууну тануу, сандын сапатка өтүү менен мүнөздөлөт;

-объективдүү зарыл, кокус онтологиялык феномендердин гносеологиялык феномендерге айланышынын негизги шарты (себеби) - тааным тажрыйбасына таянып, объектинин өзүн өзгөртүүгө багытталган практика болуп саналат;

-зарылдык жана кокустуктун конкреттештирилген гносеологиялык статусу - относителдүү, бирок абсолюттуулукка умтулат;

-зарылдык менен кокустуктун логико-гносеологиялык маңызынын объективдүүлүгү реалдуулук, ал эми субъективдүүлүгү практика аркылуу бышыкталат;

-зарылдык, кокустуктун тарыхый-гносеологиялык формалары алардын логикалык инварианттуулугуна кайчылаш келбейт;

-зарылдык жана кокустук маңыз менен кубулуштун, мүмкүндүк менен чындыктын байланышын мүнөздөп, себеп менен натыйжаны конкреттештирет, объективдүү зарылдык, кокустук формаларынын субъективдүү образы логикалык каражатка айланып, табиятты активдүү өздөштүрүү үчүн кызмат кылат.

Зарылдык менен кокустук категорияларынын логико-гносеологиялык маңызы алардын диалектикалык карым-катыштагы онтогенези жана филогенези аркылуу аныкталып, объективдүү болмушту рухий жактан өздөштүрүүнүн конкреттүү-тарыхый формасы экендиги менен түшүндүрүлөт.

Корутундуда диалектикалык логиканын ийкемдүү методологиялык принциптерине таянып, тиешелүү тарыхый-философиялык ойлом материалдарын жалпылап изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй логикалык жыйынтыктарга келдик.

1.Эпистемологиянын тарыхый философиялык модели (мифо-эпикалык, натурфилософиялык, формалдуу-логикалык, диалектика-логикалык, синергетикалык) тааным процессинин имманенттүү логикасына ылайык изилдөөнүн баштапкы таяныч принциби катары аныкталып, объективдүү логиканын диалектикалык методдору изилденген проблеманын предметтүү мазмунуна карата конкреттештирилди.

2.Философия тарыхы илимин объективдештирүүнүн натыйжасында аны метафилософия иретинде интерпретациялоого алгачкы ирет аракет жасалды. Метафилософиянын контексинде объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү философиялык тенденциялар материализм менен идеализмдин синтетикалык көрүнүшү катары мүнөздөлдү.

3.Философиянын, зарылдык-кокустук категорияларынын баштапкы рационалдык формаларынын натурфилософиялык өзгөчөлүгү табияттын изилдөө объектисине айланышы (historia), аң-сезим, туюм деңгээлиндеги картинасы (theoria) менен түшүндүрүлөөрү, универсум демифтешип, логикалык универсалийлердин түптөлүшүнө шарт түзүлөөрү; акыл-эс, логос мифтен «бошонуп», ой жүгүртүү категориялашуусуна багыт алары проблеманын генезисин иликтөө аркылуу көрсөтүлдү.

4.Зарылдык жана кокустуктун антикалык (атомисттик, эйдостук, объективдүү предметтик жана натурфилософиялык) формалары ошол мезгилдеги «илимдин илими» статусундагы философиянын негизги маселеси - бардык жалпы биринчи башталманын (башбашталманын, субстанциянын) нерсе-кубулуштардын көп түрдүүлүгүнө карата мамилеси менен шартталган; «атом», «боштук», «кыймыл» түшүнүктөрү, ошондой эле атомдун (салмактын таасири менен) жантаюусу аркылуу иликтөөгө алынган категориялар «атомисттик линияда» (онтологиялык) предметтүү мазмунга ээ болуп, антителеологиялык нукта трактовкаланганы айгинеленди; соңку «эйдостук линия» бул белгиленген атомисттик мүнөздөмөлөрдү субъектини объективдештирүү контексинде интерпретациялаганы анализденди.

5.Бүтүндөй байыркы (Чыгыш, Батыш) философия жалпыланып, категорология негизделген философия тарыхы илими түптөлүп, актуалдашкан стагириттик система зарылдык менен кокустуктун акциденциялык жана субстанциялык мүнөзүн, логикалык касиеттерин тактап, аларды формалдуу логиканын негизинде экспликациялаганы конкреттештирилди.

6.Чыгышперипатетиктердин теориялык системасынын дүйнөкараштык пайдубалын объективдештирүүчү философия менен

субъектини объективдештирүү ыкмасынын синтези түзөт; Башмаңыз (Первосущее) - өзүнөн өзү зарылдык, анткени анын маңызы менен кубулушу төп келет, ошондуктан ал абсолюттук зарылдык, ал жөнүндө эч нерсе белгисиз; физикалык метафизика перипатетикалык (эки анжы) концепцияны онтологиялаштырат; зарылдыктын критерийлери - маңыз менен кубулуштун биримдиги; себептик мамилелер (ички, маңыздуу) менен шартталышы; туруктуулугу (ар дайым же көпчүлүк учурда жүзөгө ашат); нерселердин бир тараптуу байланышы, кайталанышы жана күтүлгөндүгү; кокустук - сейрек, убактылуу кубулуш, анткени ал сырткы себептер менен негизделет, эки башка кубулуштун кесилишинде пайда болот, ал туруктуу эмес, кайталанбайт, сейрек жана белгисиз акциденталдык себептер менен шартталган; шарт-кырдаалдын өзгөрүшү менен зарылдык, кокустук бири-бирине өтөт; кокустуктун зарылдыгы анын себеп аркылуу шартталышы менен түшүндүрүлөт; зарылдык жана кокустук категориялары перипатетиктердин интерпретациясында дүйнөкараштык, гносеологиялык жана логикалык функцияны аткарат; ойчулдардын окуусундагы илимий-теориялык чектелгендиктери (онтология менен логиканын айрым ажырымдыгы, кай бир учурларда зарылдык менен кокустуктун биримдиги бузулуп, абсолютташтырылышы) негизинен таанып процессинин тарыхый-конкреттүү мүнөзү менен түшүндүрүлөт.

7.Акыл-эс (рационализм) менен авторитеттин (теология) карама-каршылыгы курчуп, схоластика классикалык философияга орун бошоткону; эс-акылды ишеним, Аристотелди Библия менен келиштирүүгө болгон аракеттер токтолгону; угутупан, негизинен ажыратылган (схоластикалык) субстанция кайрадан предметтүү мазмунга ээ болгондугу; «механикалык» материализмдин контексинде зарылдыктын абсолютташып (Гольбах, Лаплас), кокустуктун жерилиши; философиянын антитеологиялык статуска ээ болушуна байланыштуу кайчылаш пикирлер изилденген өзөктүү проблеманын алкагында интерпретацияланды; трансценденталдуу категорологиядагы апперцепциянын синтетикалык биримдиги, таанылбас нерсе менен биз үчүн таанылган нерсенин карым-катышы таанып процессин аныктагандыгы (Кант); таанылбас нерсе таанылып, «мен - бул мен» субъектилик принциптин субъективдештирилиши (Фихте); жеке аң-сезим менен предметтүү дүйнөнүн карама-каршылыгы абсолюттук субъект аркылуу чечилиши (Шеллинг); зарылдык жана кокустук категорияларынын табияты боюнча диалектико-логикалык, ал эми онтогенези боюнча объективдештирилген субъектилик мүнөзгө ээ Гегелдин концепциясы иликтенди.

8.Диалектиканын, гносеологиянын жана логиканын дал келиши же категориялардын предметтүү мазмунга ээ болуп, онтологиялык гносеологиялык жана логикалык статустардын биримдиги катары адекваттуу интерпетацияланышы зарылдык менен кокустуктун концептуалдуу маңызын аңдоону шарттагандыгы; кокустук зарылдыктын конкреттүү көрүнүшү экендиги, алардын бири-бирин толуктап тургандыгы; зарылдык кокустукту камтып, кокустук зарылдыкты аныктаары же зарылдык-кокустук, кокустук-зарылдык экендиги анализденди.

9.Зарылдык менен кокустуктун диалектикалык табиятын, логико-гносеологиялык маңызын конкреттүү туюндурган синергетикалык формалары төмөндөгүдөй реконструкцияланды: аталган категориялардын объективдүү диалектикасынын алкагында дисциплиналар аралык мүнөздөгү табигый илимдер менен гуманитардык илимдердин данакери, жалпы илимий-методологиялык принциптерди жалпылаштырган концептуалдык мааниси масштабдуу салыштырмалуу жаңы теориялык багыт - синергетика түзүлдү; детерминисттик жана схоластикалык моделдердин биримдиги, «лапластык парадокс», К.Шенпондун, М.Эйгендин, И.Пригожиндин изилдөөлөрү кокустуктун логико-гносеологиялык маанисин кеңейтти; «массалык кубулуш», «кокус окуя», «кокус чондук», «ыктымалдыктын бөлүштүрүлүшү» сыяктуу түшүнүктөр кокустук категориясынын мазмундук алкагын кеңейтип, зарылдык менен байланышын чыңдады; синергетиканын же диссипативдик структуранын (Пригожиндин теориясы) маңызы «сызыксыздык» (нелинейное), өздүкуюмдашуу (самоорганизация) жана «ачык системалар» түшүнүктөрү менен мүнөздөлөт; туруктуу эмес абалда стабилдешкен же «дүүлүгүү резонансындагы» кокустук жаңы типтеги зарылдыкты жаратып, анын имманенттүү «моментине» айланат; «аттрактор», «бифуркация», «фракталдар» түшүнүктөрүнүн концептуалдык мазмун-мааниси такталды; бифуркациялар аралык микрообъекти менен макрообъектинин диалектикасы флуктуациянын зарыл мүнөзүн айгинеледи; синергетиканы абсолютташтырууга багыт алган пикирлер жөндүү сынга алынды; зарылдык жана кокустук категорияларынын логико-гносеологиялык маңызы алардын предметтүү мазмуну аркылуу аныкталды.

10.Проблеманы иликтөөнүн натыйжасында жалпыланган айрым ойлор илимий эмгектерде биринен бирине көчүп жүргөн жаңылыш пикирлерди тактоого мүмкүнчүлүк берет. Илимий эмгектерде көбүнесе зарылдык ички, маңыздуу, ал эми кокустук сырткы негиз менен кайталануучу жана кайткыс кубулуштар иретинде мүнөздөлүп, дээрлик «атомисттик-перипатетиктик» деңгээлден көтөрүлбөгөн аныктамаларда аталган категориялардын айырмасына акцент жасалып, биримдиги толук ачылбай көмүскөдө калат. Биздин оюбузча, кокустуктан өнүп чыккан зарылдыктын кайталанышы аны шарттаган факторлордун туруктуулугу аркылуу, ал эми себеп-натыйжалык мамиленин зарылдыгы болгон кокустук аны негиздеген факторлордун туруксуздугу менен түшүндүрүлөт.

11.Изилдөөдө, дагы бир ирет ынапымдуу көрсөтүлгөндөй, диалектикалык мүнөздөгү таанып процесси-ички карама-каршылыктын (чектелген таанып формасы менен чексиз таанып процессинин, билимдин белгилүү формасы менен чексиз муктаждыктын) натыйжасында тынымсыз

өнүгүүдөгү кубулуш. Зарылдык менен кокустуктун татаал диалектикасын катаал чындык менен ыңгайлаштыруу, алардын ийкемдүү табиятын илимдин жаңы жетишкендиктеринин контексинде адекваттуу аңдоо, объективдештирилген жана субъективдештирилген философиялык багыттардын логико-гносеологиялык негизин тактоо, филогенездик эпистемологиянын структурасындагы тарыхый-философиялык концепцияларды объективдүү кырдаалда адекваттуу интерпретациялоо - келечекте проблеманы терендетип иликтөөнүн орчундуу маселелеринен болуп саналат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕР:

### I. Китептер:

I.1. Концепции необходимости и случайности в учении античных и восточных мыслителей. - Фрунзе: Илим, 1989, көлөмү - 8, 25 б.т.;
I.2. Акылнаамэ: мейкиндик жана мезгил. Кыргыз философиясынын очерктерине карата, (авторлор менен биримдикте).-Бишкек, 1994, көлөмү - 6, 5 б.т.;
I.3. Уңгу сөздөн улама. Кыргыз философиясынын очерктерине карата. Бишкек: Илим, 1994, (автор менен бирдикте), көлөмү - 3, 75 б.т.;
I.4. Метафилософия. - Бишкек: Илим, 2001, көлөмү - 6, 75 б.т.;
I.5. Синергетика: Бишкек: Илим, 2001, көлөмү - 2, 5 б.т.;
I.6. Чыгыш перипатетизми. - Бишкек: Илим, 2002, көлөмү - 8, 25 б.т.;
I.7. Зарылдык жана кокустук: тарыхый-философиялык анализ. -Бишкек: Илим, 2002, көлөмү – 17,7 б.т.

### II. Статьялар:

II. 8 .Диалектика необходимости и случайности в восточном перипатетизме // Известия АН Киргизской ССР, 1986. - 0, 5 б.т.
II.9. Категорология восточного перипатетизма // Материалы VIII межреспубликанской конф.молодых ученых. — Ф.: Илим, 1987. — 0,3 б.т.
II.10. К истории категорологии // Диалектика. Наука. Познание. - Алма-Ата, 1987. - 0,3 б.т.
II.11. К философскому анализу мифологии // История философии и современность, Душанбе, 1988. - 0,3 б.т.
II.12. Аристотелева концепция возможности и действительности // Материалы IX Межресп.конф.молод.ученых. - Ф.:Илим, 1988. - 0,3 б.т.
II.13. Необходимость и случайность в интерпретации Аль-Фараби // Материалы IX Межресп.конф.молод.ученых. - Ф.:Илим, 1988. - 0,3 б.т.
II. 14. Диалектика прошлого и настоящего// Активизация человеческого фактора в свете решений XXVII съезда КПСС. - Ф.: Илим, 1988. - 0,5 б.т.
II.15. Мифосознание необходимсти и случайности // Из истории социально-философской мысли народов Востока. - Ф., 1988. - 1,3 б.т. (автор менен бирдикте.)



II.16. О двух подходах к исследованию истории общественно-философской мысли; // Философия: прошлое, настоящее, будущее. - Ф.:Илим, 1989. - 0,5 б.т.
II.17. Социально-этическое содержание киргизского эпоса // Известия АН Киргизской ССР, 1989. № 1. - 0,5 б.т.(автор менен бирдикте)
II.18. Необходимость и случайность в естественно-научных идеях восточных мыслителей //Известия АН Киргизской ССР, 1990. - 0,5 б.т.
II.19. Квиетизмден-гуманизмге // Ж.Баласагун «Куттуу билим», - М., 1991.- 1 б.т.
II.20. От явления к сущности (понятийный анализ) // Проблемы гуманитарных наук в период перехода к рыночной экономике. - Б., 1994. -0,7 б.т.
II.21. К философскому анализу мифотворчества // «Манас» эпосун окутуунун маселелери. - Б., 1994. - 0,3 б.т.
II.22. Эпикалык философиялар // Манас эпосунун 1000 жылдыгына карата уюш-н элими конф-нын мат-ры (Коомдук гуманитардык илимдер) Скрябин атындагы айыл чарба институту. - Б., 1995. – 0,4 б.т. (автор менен бирдикте)
II.23. Жамандык, жакшылык түшүнүктөрүнүн эпикалык формалары. // «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына уюштурулган илимий конф. мат-ры. - Б., 1995. - 0,5 б.т. (автор менен бирдикте.)
II. 24. От мифологического к реально-историческому // Науки и техники, №1, 1995. - 0,5 б.т. (автор менен бирдикте)
II.25. Манас эпосундагы достук идеясынын чагылдырылышы // Манас улуу рух. - Б., 1995. - 0,5 б.т.
II.26. Түшүнүк - логико-гиологиялык проблема. - 0,3 б.т. (автор менен бирдикте)
II.27. Философско-политические взгляды М.Ганди // М.Ганди: идеи толерантности . мат-лы респуб.науч.конф. 2-3 октября 1997г. - Б., 1997. - 0, 3 б.т. ( в соавт.)
II.28. Манас жана философия тарыхы илими. - 0,3 б.т. (автор менен бирдикте)
II.29. Түшүнүктөрдүн жаралуу проблемасына карата // Современность: философские и правовые проблемы. Мат-лы II респуб.науч.-теор.конф. - Б., 1998.-0,3 б.т. (автор менен бирдикте)
II.30.К категориальному обоснованию философской мысли // Мат-лы юбилейной научной конференции ТТИ. - Б., 2002.) –0,4 б.т. (автор менен бирдикте
II.31. Категориальный подход к глобалистике // Мат-лы юбилейной научной конференции ТТИ. - Б., 2002.– 0,5 б.т. (автор менен бирдикте.)
II.32. Экзистенционализм и Жан Поль Сартр // Мат-лы юбилейной научной конференции ТТИ. - Б., 2002. (автор менен бирдикте) – 0,3 б.т.
II.33. Гипотетикалык метафилософия (проблеманын коюлушуна карата) // Современность: философские и правовые проблемы. - Б., 2002. -0,4 б.т.
II.34. Антикалык натурфилософиянын диалектикалык мааниси //Современность: философские и правовые проблемы. - Б., 2002. –0,4 б.т.
II.35. Категорология в свете абстрактного и конкретного // Современность; философские и правовые поблемы. Мат-лы респуб.научн.-теор.конф. - Б., 1997. - 0,3 б.т. (автор менен бирдикте)

## ANNOTATION

**"Necessity and chance in the structure of phylogenesis epistemology**

**Specialities: 09.00.03. the history of philosophy 09.00.01 ontology and the theory of knowledge**

In the dissertation work the logical-gnosiological evolution of the categories of necessity and chance are analyzed in the context of phylogenesis epistemology and the reciprocating process of the history of philosophy. I making the research the conceptual meanings of undeveloped methodological problems- "metaphilosophy ", "synergetic " and objectifying and subjectifying ways of philosophizing are observed.

Historico-logical forms of the researched object are being considered on the basis of theoretically very important method of dialectical logic-ascension from abstract to concrete and in the context of metaphilosophy, historico-philosphical categorization. Proceeding from the inner logic of the work, the gradual conceptual organization and development ofontological, gnosiological and logical status of researching problems can be clearly seen.

The genesis and evolution of the problems are interpreted in the context ofhistorico-philosophical triad: thesis, antithesis and synthesis, revealing in the structurizing forms of unrealized unity of object and obj edification of the subject.

Dissertation consists of the introduction, five chapters, the conclusion, the list of used sources, literature and the application. The main plot of the dissertation is observed in seven monographs, brochures and in more than 50 articles.

## АННОТАЦИЯ

**«Филогенездик эпистемологиянын структурасындагы зарылдык жана кокустук». Адистик: 09.00.01- онтология жана таанум теориясы 09.00.03.- философия тарыхы.**

Диссертацияда зарылдык менен кокустуктун логика-гносеологиялык эволюциясы философия тарыхы алкагында эпистемологиянын филогенездик структурасына ылайык иликтенет, изилдөөнүн илимий практикада көңүл бурулбаган айрым методологиялык мазмундагы татаал теориялык маселелери -«метафилософия», «синергетика», «объективдештирүүчү жана субъективдештирүүчү интерпретация» проблемалары концептуалдык жактан такталат.

Изилдөө объектисинин тарыхый-логикалык формалары диалектикалык логиканын негизги жобосу - абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү ыкмасы аркылуу метафилософиянын, тарыхый-философиялык категорологиянын контекстинде анализденет, иштин ички логикасына негизделип, демифтешкен аң-сезимден (логос) диалектикалык логикага (синергетикага) чейинки проблеманын онтологиялык, гносеологиялык жана логикалык статустарынын концептуалдык калыптанышы, өнүгүшү ырааттуу иликтенет. Проблеманын генезиси жана эволюциясы тарыхый-философиялык тезис, антитезис жана синтез үчтүгүнүн алкагында объект-субъектинин аңдалбаган формасы, объектинин субъективдештирүү же субъектинин объективдештирүү ыкмалары аркылуу интерпретацияланат.

Диссертациянын структурасы киришүүдөн, беш главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 7 илимий монография, брошюраларда жана 50дөн ашык макала, тезистер аркылуу жарык көргөн.



## АННОТАЦИЯ

**«Необходимость и случайность в структуре филогенезной эпистемологии». Специальности 09.00.01 – онтология и теория познания: 09.00.03 – история философии**

В диссертации логико-гносеологическая эволюция категорий необходимости и случайности проанализирована в контексте структуры филогенезной эпистемологии и возвратно-поступательного процесса истории философии. В ходе исследования уточнены концептуальные значения малоразработанных методологических проблем - «метафилософия», «синергетика», объективизирующие и субъективизирующие способы философствования.

Историко-логические формы исследуемого объекта рассматриваются на основе, в теоретическом отношении, исключительно важного метода диалектической логики - восхождения от абстрактного к конкретному и в контексте метафилософии, историко-философской категорологии. Исходя из внутренней логики работы, в ней прослеживается последовательное концептуальное формирование и развитие онтологических, гносеологических и логических статусов изучаемой проблемы. Генезис и эволюция проблемы интерпретируется в контексте историко-философской триады: тезис, антитезис и синтез, проявляющаяся в структурообразующих формах неосознанного единства объекта-субъекта, субъективизации объекта и объективизации субъекта.

Диссертация состоит из введения, пяти глав, заключения, списка использованных источников, литератур и приложения. Основное содержание диссертации отражено в 7 монографиях, брошюрах, а также более чем 50 статьях.

Тех редактору ***Б.К.Курманалиев***

Басууга 04.04.2002ж. берилди. Форматы 60х84 1/16.

Офс. кагазы. Офс. басуу. Көлөмү 2,00 б.т. Нускасы 150 экз. Заказы 149.

720044. Бишкек ш., "Техник" ББ, Сухомлинов көч, 20.

т.: 42-14-55, 54-29-43